Аскарали СУЛАЙМАНОВ, Исламжан РАХМАНОВ,
Зилола СУЛАЙМАНОВА

# КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ 4

**Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн окуу китеби**

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

*Экинчи басылышы*



«SHARQ» БАСМА-ПОЛИГРАФИЯЛЫК
АКЦИОНЕРДИК КОМПАНИЯСЫНЫН
БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ
ТАШКЕНТ – 2017

UO‘K: 372.874(075)
KBK 85.1ya 71
S 96

**Рецензенттер:**

Камалиддин Бекзат атындагы Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтунун профессору, Өзбекстан эл сүрөтчүсү, **Р.Худайберганов;**
Наманган мамлекеттик университетинин доценти, педагогика илимдеринин кандидаты **А.Амонуллаев;**
Республикалык Билим берүү борборунун башкы методисти **М.Талипова;**
Ташкент ШПККДКАИ ага окутуучусу **К.Мирахмедов;**
Ташкент шаарындагы 51-мектептин көркөм сүрөт өнөрү мугалими **Д. Хасанов.**

**Шартуу белгилер:**

 — Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор

 — үйгө тапшырма

S 96 **Сулайманов, Аскарали жана башк.**
Көркөм сүрөт өнөрү: жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн окуу китеби. Экинчи басылышы / А. Сулайманов, И. Рахманов, З. Сулайманова. – Т.: «Sharq», 2017. – 112 б.
I. Рахманов, И. II. Сулайманова, З.

ISBN 978-9943-26-667-4

**UO‘K: 372.874(075)**
**KBK 85.1ya71**

***Республикалык максаттуу китеп фонду эсебинен басылды.***

**ISBN 978-9943-26-667-4**

© Сулайманов А., Рахманов И., Сулайманова З.
© «Sharq» БПАК Башкы редакциясы, 2015, 2017.
Кыргызча котормосу 2015, 2017

## КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ЖАНРЛАРЫ

Ардактуу окуучу! Көркөм сүрөт өнөрү турмушту чагылдырууда, дүйнөнүн кооздуктарын туюуда адамга жардам берээрин билесиң.

Сен көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү жөнүндө биринчи класста эле баштапкы маалыматты алгансың. Көркөм сүрөт өнөрү өзүнүн сүрөттөө усулдары жана башка жактарына карай ***графика, живопись*** жана ***айкелчилик*** өңдүү түрлөргө бөлүнөт (1-сүрөт).

**Графика.** Көркөм сүрөт өнөрүнүн эң кең таралган түрлөрүнөн бири графика болуп саналат. «Графика» сөзү грекче «жазамын», «сызамын» деген маанини билдирет. Калемде же тушта сызылган сүрөттөр, китеп, газета жана журналдарга сызыл-




**1-сүрөт.** Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү: графика (*а*), живопись (*б*) жана айкелчилик (*в*).

ган иллюстрациялар (2-сүрөт), кайсы бир нерсеге оюлган гравюралар, плакат, стенд, буюмдардын этикеткалары, жарлыктары, тамак-аштар оролгон жазуусу бар кагаздар – булардын бардыгы графиканын үлгүлөрү болуп саналышат.

**Живопись.** Живопись көркөм сүрөт өнөрүнүн эң кооз жана таасирлүү түрү (3-сүрөт). Анда сүрөтчү боёктор аркылуу кездемеге, кагазга же башка тегиз бетке турмуштук көрүнүштөрдү көркөм сүрөттөп берет. Живопись чыгармалары, негизинен, акварель, темпера жана май боёктор жардамында жаратылат.



**2-сүрөт.** *Тельман Мухамедов.* Гафур Гуламдын «Шум бала» повестине иштелген иллюстрация.



**3-сүрөт.** *Эркин Базаров.* Инимдин портрети.

**Айкелчилик.** Айкелчилик – нерселерди үч өлчөмдүү түрдө сүрөттөй турган искусствонун түрү (4–5-сүрөттөр). Айкелди ар тараптан айланып көрүүгө болот. Айкелчи Илхам Жаббаровдун «Амир Темур», «Ахмад ал-Ферганий», Жалалиддин Миртажиевдин «Бабур», «Ибн Сина», «Алишер Наваий», «Мырза Улукбек» аттуу эмгектери чебердик менен иштелген.

Эгерде адамдын түспөлү башынан белине чей-




**4-сүрөт.** *Жалалиддин Миртажиев*. Ибн Синага Белгиянын Кортрейк шаарында орнотулган бюсту.



**5-сүрөт.** *Жалалиддин Миртажиев*. Ахмад Фарганыйга Кахирада орнотулган айкели.



**2-сүрөт.** *Рельефтин түрлөрү.* а) барельеф, б) горельеф.



**7-сүрөт.** *Н.Кримская.* Ташкент Жогорку бий мектебинин маңдайындагы барельеф.

ин сүрөттөлгөн болсо, мындай айкел ***бюст*** дейилет. 4-сүрөттөгү айкел – ***бюст*** болот. Бюсттар улуу тарыхый инсандарга арнап орнотулат.

Имараттардын дубалдары жана маңдайларына, тыйын, медаль өңдүү буюмдардын бетине тартылган бөртмө сүрөттөр айкелчиликтин ***рельефтүү айкел*** түрүнүн үлгүлөрүнөн болушат. Рельефтүү айкелчилик бөртмөлүк даражасына карай барельеф (азыраак оюлган), горельеф (көбүрөөк оюлган) түрлөрүнө бөлүнөт (6–7-сүрөт). Айкелчилик эмгектерин жаратууда чопо, пластилин, гипс, жыгач, мрамор, гранит, бронза, а түгүл, алтын, жез, күмүш сыяктуу кымбат баалуу металлдардан да пайдаланылат.

**Көркөм сүрөт өнөрүнүн жанрлары.** Көркөм сүрөт өнөрү эмгектери темасы, мазмуну, жасалуу усулуна карай түрдүү жанрларга бөлүнөт. «Жанр» сөзү французча сөз болуп, «түр» же «көрүнүш» деген маанини билдирет. Көркөм сүрөт өнөрү жанрлары алардын түрлөрүнө да байланыштуу болот. Живопись жана графика эмгектери төмөнкү негизги жанрларда

## Портрет жанры



**6-сүрөт.** *Мухаммад Нуриддинов*. «Эне» портрети.

жаратылат: ***1. Портрет. 2. Натюрморт. 3. Пейзаж. 4. Турмуштук. 5. Тарыхый. 6. Баталдык. 7. Анималисттик. 8. Маринисттик.***

Эгерде картинада адамдын сүрөтү берилген болсо, мындай эмгек портрет жанрына таандык болот. Италиянын белгилүү сүрөтчүсү Леонардо да Винчинин «Мона Лиза», Мухаммад Нуриддиновдун «Эне» (6-сүрөт) эмгектери портрет жанрына таандык.

***Натюрморт жанрындагы*** эмгектерде жансыз

## Натюрморт жанры



**9-сүрөт.** *Акмал Икрамжанов*. Натюрморт.

## Пейзаж жанры



**10-сүрөт.** *Орол Тансыкбаев.* Тоодо.

## Турмуштук жанр



**11-сүрөт.** *Борис Кустодиев*. Таң.

## Тарыхый жанр



**12-сүрөт.** *Илья Репин*. Запорожьеликтер түрк султанына кат жазышууда.

## Баталдык жанр



**13-сүрөт.** *Алишер Аликулов*. Монгол баскынчыларына каршы күрөш.

## Анималисттик жанр



**14-сүрөт.** *Илхам Атабаев*. Тулпарлар.

## Маринисттик жанр



**15-сүрөт.** *Орол Тансыкбаев.* Сырдарыя.

нерселер сүрөттөлөт (9-сүрөт). Французча «nature morte» – «жансыз табият» деген маанини билдирет.

Көркөм сүрөт өнөрүнүн эң кең таралган жанрларынан бири ***пейзаж жанры*** болуп саналат. Анда сүрөтчү табияттын кооздугун сүрөттөө менен бирге адам менен табияттын мамилелерин чагылдырат (10-сүрөт).

Күндөлүк турмуш, жашоодогу окуя-кубулуштарды сүрөттөөчү көркөм сүрөт өнөрү эмгектери ***турмуштук жанрга*** таандык деп эсептелет (11-сүрөт).

Кайсы бир тарыхый окуя же тарыхый инсандардын сүрөтүнө тиешелүү көркөм сүрөт өнөрү эмгектери ***тарыхый жанрга*** (12-сүрөт), согуш, аскердик жортуулдарды сүрөттөгөн иштер ***баталдык жанрга*** (13-сүрөт), жаныбарлардын сүрөтүнө таандык эмгектер ***анималисттик жанрга*** (14-сүрөт), суулуу көрүнүш сүрөттөлгөн иштер ***маринисттик жанрга*** (15-сүрөт) таандык болот.



**Мухаммад Нуриддинов**

Живописчи сүрөтчү, Өзбекстан эл сүрөтчүсү, 1948-жылда Наманган шаарында төрөлгөн. 1968-жылда Республикалык сүрөтчүлүк окуу жайын, 1976-жылда Репин атындагы Ленинград сүрөтчүлүк, айкелчилик жана архитектура институтун бүтүргөн. 2003-жылда Өзбекстан Көркөм академиясынын алтын медалы менен сыйланган. Тематикалык композициялардын устасы, портреттер жана натюрморт жанрында эмгектер жараткан. Анын «Наманган обондору», «Эне портрети», «Аман Абдураззаковдун портрети», «Эски Себзар» аттуу эмгектери белгилүү.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Көркөм сүрөт өнөрүнүн кандай түрлөрү бар? Ар бир түрүн түшүндүрүп бер.
2. Көркөм сүрөт өнөрүнүн жанрларын санап чык.
3. Көркөм сүрөт өнөрүнүн жанрлары бир-биринен эмнеси менен айырмаланып турат?

**Үйгө тапшырма:**

Терминдер үчүн өзүнчө дептер тут жана ага теманын текстиндеги бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып бар.

## «КООН ЖАНА АНАР» ТЕМАСЫНДА НАТЮРМОРТ ТАРТУУ

Журтубузда жетиштирилген даамдуу мөмөлөр өзүнүн кооздугу менен сүрөтчүлөргө илхам берип, аларды натюрморт жаратууга шыктандырат (16–18-сүрөттөр).



**16-сүрөт.** *Янис Салпинкиди*. Анарлуу натюрморт.



**17-сүрөт.** *Н. Арипова.* Анарлар натюрморту.



**18-сүрөт.** *Абиджан Бакиров*. Күзгү натюрморт.



**19-сүрөт.** *Рахим Ахмедов*. Натюрморт.

Бүгүн сен «Коон жана анар» деп аталган натюрморт сүрөтүн натурага карап тартасың. Буюмдардын өзүнө карап сүрөт тартууга натурадан сүрөт тартуу дейилет.

Мөмөлөр, гүлдөр, канаттуу жана жаныбарлардын тулуптары, жашылчалар, талаа эгиндери, окуу куралдары, үй-орозгер буюмдары, кесипке таандык буюмдар сүрөттөлгөн сүрөт натюрморт деп аталат.

«Коон жана анар» темасында натюрморт тартууну эки баскычта аткарабыз. Биринчи сабакта натюрморт калемде тартылса, экинчи сабакта түстүү сүрөт менен аякталат.

Ишти натураны кунт коюп байкоодон башта.

Сүрөт тартуунун баскычтарын 20-сүрөттө берилген үлгүнүн мисалында иликте.

Баштап натурада турган нерселерди сүрөт деп-



**20-сүрөт.** «Коон жана анар» темасында натюрморт тартуунун баскычтары.

теринин бетине туура жайгаштырып алууң зарыл. Натюрморт тартуунун баскычтарында бардык нер-

селерди тең сүрөттөп баруу зарыл. Антпесе бир нерсенин өлчөмү чоңураак, экинчисиники кичирээк болуп, буюмдардын пропорциясы, өз ара катышы, сүрөттүн композициясы бузулушу мүмкүн. Ошондуктан натюрморттогу бардык нерселердин жалпы бийиктиги жана кеңдиги кагазга жардамчы сызыктар менен белгилеп алынат.

Натюрморт тартуу жараянында, оболу, анын жарытылгандык даражасына көңүл бурулат. Көлөкө, жарым көлөкө, кочкул көлөкө, жарык жер жана рефлекс ажыратып алынат. Аларды белгилөөдө төмөнкү жагдайларга көңүл бур:

1. Нерселердин сыртында жарыкты эң көп чагылтып жаткан жер ***жарык, жалтырак жер*** деп аталат. Адатта, фарфор, айнек, сырдалган буюмдардын жарык эң көп түшүп турган жери жалтырап турат.

2. Нерселердин көлөкө бөлүгүнүн аягынан жарыктын сынып чагылышы ***рефлекс*** дейилет.

3. Нерселердеги көлөкөнүн башталгыч бөлүгү ***жарым көлөкө***, негизги бөлүгү – ***кочкул көлөкө*** деп аталат.

4. Буюмдан тегиздикке түшүп жаткан көлөкө ***түшүүчү көлөкө*** деп аталат.

Түстөр менен иштөөдө баштап жарык жерлерди ачык түстөрдө боёо менен баштайсың. Кийин коон, анар, коондун тилигиндеги жарык жана көлөкө жерлерин тиешелүү түстөр менен бөлүп аласың. Боёо жараянында көңүлүң баштап негизги нерселерге, анан майда деталдарга каратылат.

Натурадан сүрөт тартуу учурунда төмөнкү эрежелерге көңүл буруу зарыл:

– дайыма сызылып жаткан буюмдар менен сүрөт дептериңдеги сүрөттөлүштү салыштырып бар;

– баштап чоң көлөмдүү, кийин майдараак нерселерди сүрөттөөгө өт;

– түстөр тандалып жатканда негизги түстөрдү гана иштетпестен, туунду түстөрдөн да пайдалан;

– санитария-гигиена эрежелерине амал кылууга, сүрөт тартуу учурунда кагаздын бетин резина менен көп өчүрө бербөөгө, кыл калемди басып иштетпөөгө жана сууну ашыкча коромжу кылбоого үйрөн. Натурадан сүрөт тартууну аяктап жатып, анын түстөрүн дагы бир жолу текшерип көр, каталары болсо оңдо.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. «Натюрморт» сөзүнүн маанисин айт.
2. Натюрморт жанрында чыгармачылык кылган белгилүү сүрөтчүлөр жана алардын эмгектерин айтып бер.
3. Түс берүүдө эмнелерге көңүл буруу керек?
4. Рефлекс, жарым көлөкө жана кочкул көлөкө деген эмне?
5. Негизги түстөрдөн туунду түстөр кандай айырмаланат?

**Үйгө тапшырма:**

1. Натюрморттун композициялык натыйжасын баш-тапкы сабакта калемде, кийинки сабакта түстүү сүрөттө боёп, аяктап кел.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып бар.
3. Өзүң өз алдынча натюрморт тартууну ойлоп көр, мисалы, «Гүлдесте», «Мөмөлөр», «Ашкана буюмдары» сыяктуу темаларда.

# «КООН СЕЙИЛИНДЕ» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ

Сүрөтчүлөр өз көргөн-билгендерин, күзөткөн окуя-кубулуштарды ойлорунда жалпылаштырып, бирдиктүү бир композиция жаратышат (21-сүрөт). Ал үчүн алар калемде, боёкто чала ***эскиздер***, каралама сүрөттөр, ***этюддар*** тартышат. Андан соң алардын эң татыктуусунун негизинде сүрөтчүнүн оюндагы көркөм сүрөт чыгармасы пайда болот. «Коон сейилинде» темасындагы композицияны оюңда элестетип көр:

1. Коон жана дарбыздардын кандай сортторун билесиң?



**21-сүрөт.** *Жавлан Умарбеков*. Түшүм.

2. Коон менен дарбыздын формалары бири-биринен кандай айырмаланат?

3. Алардын түсү кандай болот?

Ишти сүрөт дептеринин бетине жер менен асмандын чеги – ***горизонт сызыгын*** жүргүзүүдөн баштайсың. Сызык дептердин бетинин ортосунан ылдыйраактан өтөт. Горизонт сызыгы сен сүрөттөп жаткан чоң ата менен неберенин образы – композиция борборунун чыныгы маанисин

ачуууга жардам берет. Адамдын сүрөтүн тартууда анын дене бөлүктөрүнүн төмөнкү катыштарына амал кылууга аракеттен:

Баштап сызмакчы болгон адамдардын отурган абалдарын, айлана-чөйрөнү каралама сызыктардын жардамында жалпы ***компановка*** кылып аласың. Андан соң майда деталдарды тартууга өтөсүң, мисалы, кепенин үстү, мамылары, төшөктөр, дасторкон, алып келинген түшкү тамак, кетмен. Сызып жатканыңда биринчи планда дарбыз-коон, экинчи планда композициянын борборунда чоң ата жана небере, үчүнчү планда дасторконго оролгон түшкү тамак, төртүнчү планда – ***перспективада*** алыстардагы эгиндүү талаа жана дарактар сүрөттөлүшү керек (20-сүрөт). Баштап тартып жаткан сүрөтүңдүн бир канча чала даяр эскиздерин сызып көрсөң, ишиң андан да мазмундуураак чыгат. Калемде тартып болгонуңдан соң боёго өтөсүң. Эң оболу адамдын түспөлдөрү, кепе,





**22-сүрөт.** «Коон сейилинде» темасындагы композициянын варианттары.

кийин аркадагы жер – табият көрүнүшү түстөрдө иштелет. Боёк менен ачыктан кочкулга карай иш жүргүзүлөт. Көлөкө, жарым көлөкө, кочкул көлөкө, рефлекс жана туунду түстөрдү табууда түс таануучулук эрежелерине амал кылынат. Баштап ачык түстөрдү, кийин кочкул түстөрдү берип сүрөттү аяктайсың.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Сүрөтчүлөр өз эмгектерин кандай жаратышат?
2. Коон-дарбыз талаасын кандай элестетесиң?
3. Горизонт сызыгы деген эмне?
4. «Компановка» дегенде эмнени түшүнөсүң?
5. Чала сызылган жана каралама сүрөттөр эмне үчүн тартылат?

**Үйгө тапшырма:**

1. Биринчи сабакта «Коон сейилинде» темасындагы композициянын калем сүрөтүндөгү абалын аяктап келүү.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып ал.

## «БИЙЧИ» АЙКЕЛИН ЖАСОО

Бийлер оюн гана эмес, алар ошондой эле, аткаруучунун журту, улутунун үмүт-тилектери, тарыхы, үрп-адаттары жөнүндө ийкем кыймылдар, мимикалар аркылуу маалыматтар берет.

Өзбек, кытай, инди, араб бийлери бир-биринен бийчилердин кийген кийимдери, жасалгалары жана өзүнө мүнөздүү бий кыймылдары менен айырмаланат. «Тановар» бийинде ферганалыктарга мүнөздүү оор-басырыктуулук туюнтулса, «Лязги»де харезмдиктердин шайырлыгы, сурхан, каракалпак бийлеринде өрөөндүктөрдүн шок, ойноок, куунак кыймылдары толук көрүнөт.

Элибиздин Тамараханым, Мукаррама Тургунбаева, Кызлархан Достмухамедова, Малика Ахмедова, Мамура Эргашева, Рушана Султанова өңдүү белгилүү бийчилери журтубуздун даңкын дүйнөгө тараткан.

Бийлердин классикалык, улуттук бий, вальс, танго жана башка көп түрлөрү бар.



**23-сүрөт.** *Бахадыр Жалалов.* «Бийдин төрөлүшү» аттуу дубал сүрөт.

Өзбекстандык сүрөтчүлөр тарабынан бий өнөрү жана бийчилерге таандык көп көркөм сүрөт өнөрү эмгектери жаратылган. Өзбекстан эл сүрөтчүсү Бахадыр Жалаловдун Мукаррама Тургунбаеванын элесине арналган «Бийдин төрөлүшү» атуу дубал сүрөтү (23-сүрөт), Өзбекстан эл сүрөтчүсү Чынгыз Ахмаровдун «Бий» (24-сүрөт), «Кызлархан Достмухамедованын портрети», Сардар Хасановдун «Бийчи» (25-сүрөт) эмгектери ушуларга мисал болот.

Бүгүн сен улуттук бийге түшүп жаткан бийчи айкелин иштөөдө, эң оболу, кыялыңдагы образдын чала эскизин кагазга сызып көрөсүң. Мында бийчинин бийлеп жаткандагы кол, бут, баш аракеттерине өзүнчө



**24-сүрөт.** *Чынгыз Ахмаров*. Бий.



**25-сүрөт.** *Сардар Хасанов*. Бийчи.

көңүл бурулат. Каралама эскиздин негизинде чопо же пластилинден бийчи айкелин жасоого өтөсүң. Айкелчиликке өзгөчө кызыгуусу болгон окуучулар айкелдин андан да көрктүү болушу, аракет пластикасын көбүрөөк чагылдыруу үчүн такта же жумшак зымдан каркас жасап алуулары мүмкүн (26-сүрөт).

Баштап пластилинди тутамдап үзүмдөрдү ажыратып аласың. Алардан айкелдин дене, баш, кол жана буттары үчүн өзүнчө бөлүктөр ажыратып, андан соң аларды бириктирип чыгасың. Айкел жасоо жараянында адамдын дене бөлүктөрүнүн өз ара катыштары – ***пропорцияларын*** сактоого амал кыл.

Кудум ушул усулда «музыканттар» айкелин



**26-сүрөт.** *Шахло Юсупова.* «Бийчи» айкелин жасоонун баскычтары.

жасашың мүмкүн. Айрым окуучулар бийчи айкелинин рельефтүү вариантын иштеши мүмкүн. Айкелчилик бычагы – жыгач ***стек***терден пайдаланылып жатканда тазалыкка жана этияттуулукка көңүл бур.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Эмне үчүн адамдар бийлешет?
2. Бийлер эмне үчүн бири-биринен айырмаланат?
3. Өзбек бийлеринин аттарын айт.
4. Белгилүү өзбек бийчилеринен кимдерди билесиң?
5. Айкел жасоодо эмнелерге көңүл буруу керек?
6. Айкел жасоо баскычтарын айтып бер.

**Үйгө тапшырма:**

1. «Бийчи жигит» же «Музыкант» айкелин өз алдыңча иштеп кел.
2. Белгилүү бийчилердин аты, фамилиясын жана темада ажыратып көрсөтүлгөн сөздөрдү терминдер дептерине жазып кой.

## «КҮЗГҮ ГҮЛДӨР» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Журтубузда күз өзгөчө көрүнүшкө ээ болот. Дарактардын жалбырагы саргыш, кызгыш, кызгылт-сары, күрөң түстөрдө өтө кооз көрүнүш пайда кылат. Күздүн кайсар аба-ырайы – корообуздагы түркүн түстүү гүлдөргө өз таасирин тийгизе албайт. Роза, чыныгүл, гүлтаажыкороз, астра, райхан сыяктуу гүлдөр айланага өз жытын таратууда.



**27-сүрөт.** Роза гүлүнүн натюрмортун иштөө баскычтары.

Сен да ушул гүлдөрдөн кооз натюрморт иштешиң мүмкүн. Аны «Күзгү гүлдөр» деп атайбыз.

Эң алгач, өзүңө жага турган 2–3 ак, сары, кызыл гүлдөрдөн кыркып алып, суулуу вазага сал. Гүл тандоодо өз шартыңдан келип чык. Вазанын алдына күзгү мөмөлөлөрдөн – алма, алмурут же бийалма коюшуң мүмкүн.

Мөмөлөр биринчи планда, гүлдесте экинчи планда болот. Тартуудан мурда Н.Арипованын «Розалар» аттуу натюрмортун кунт коюп күзөт (28-сүрөт). Сүрөтчүнүн ишин натурада коюлган гүлдесте менен салыштыр:

1. Сүрөттөн биринчи жана экинчи пландагы нерселерди аныкта.

2. Чыгармада кандай гүлдөр сүрөттөлгөн?



**28-сүрөт.** Надира Арипова. Розалар.

3. Сүрөттө арткы фон эмне үчүн кочкулураак алынган?

4. Эмне үчүн сүрөттө дасторкон ачыгыраак түстө берилген?

Ишти натурадагы нерселерди кагаз бетине туура жайгаштырып алуудан башта. Баштап натурага чала эскиз жана каралама сүрөттөр сызылат. Сүрөттө биринчи планда мөмөлөр, экинчи планда вазадагы гүлдөр, үчүнчү планда арка фондогу материал сүрөттөлөт. Натурадан сүрөт тартууда анын өзүнчө деталдарын тартуудан мурда жалпы көрүнүштү тарт. Кийин өзүнчө бөлүктөрүн тартууга өт. Мисалы, гүлдү тартууга берилип, калган бөлүгү эстен чыкса, сүрөттөгү буюм же нерселердин көрүнүшү бири-бирине шайкеш эмес болуп калышы мүмкүн. Боёодон мурда кагазды суу менен нымдап алыш керек. Ошондо сүртүлүп жаткан боёктор кагазга бир тегиз жайылат. Натурадагы ачык жерлер боёлбостон ак бойдон калтырылат. Ачык түстүн үстүнөн андан да жаркыныраак жана кочкулураак түстөр берүү мүмкүн. Бир түс экинчи түскө айланып жаткан жерде, али алар толук кургабастан үстүнө башка түс коюш керек. Ошондо боёктор жайылып жайгашып калат. Мына ушундай түрдө башка зарыл түстөр берип барылат. Боёодо түстөргө, жарык жай, көлөкөлөр, рефлекс жана фонго көңүл буруш керек.

**Өтүлгөн темаларды бышыктоо үчүн суроолор:**

**1.** Күз мезгили башка мезгилдерден эмнеси менен айырмаланат?

2. Күзгү гүлдөрдүн аттарын айтып бер.
3. Сүрөттөгү буюмдардын сүрөттөлүшүнүн шайкештиги кандай камсыздалган?

**Үйгө тапшырма:**

1. «Күзгү гүлдөр» натюрмортун түстөргө боёп, аяктап келүү.

## 1-ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

### I. Теориялык билимиңди бышыкта.

1. Көркөм сүрөт өнөрүнүн түр жана жанрларын айтып бер.
2. Натурадан сүрөт тартуу деген эмне?
3. «Компановка» деп эмнеге айтылат?
4. «Перспектива» деген эмне?
5. «Бюст» деген эмне?

### II. Билимиңди сынап көр.

**1. Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү кайсы катарда туура берилген?**

A) графика, айкелчилик, карапачылык;
B) айкелчилик, живопись, зергерлик;
C) живопись, графика, айкелчилик;
D) живопись, оймочулук, жыгач оймочулугу.

**2. Көркөм сүрөт өнөрү жанрлары кайсы катарда берилген?**

A) пейзаж, акварель, майбоёк, гуашь, оймо, баталдык;
B) оймочулук, маринисттик, анималисттик, мискерлик, турмуштук, портрет;
C) натюрморт, тарыхый, палитра, акварель, пейзаж, портрет;
D) портрет, пейзаж, натюрморт, турмуштук, тарыхый, анималисттик.

## «КУШТАР» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Табиятта куштардын түрлөрү абдан көп. Алардын жашоо мүнөзү түрдүүчө болгондуктан өз ара бири-биринен айырмаланат. Мисалы, бүркүттөр тоо чокуларында, ылаачын талаа жана чөлдөрдө, ак чардак деңиз, дарыя жээктеринде жашайт.

Куштардын сүрөтүн тартууга киришүүдөн мурда төмөнкү суроолорго жооп табууга аракет кылып көр.

1. Журтубузда куштардын кайсы түрлөрүн кездештирүү мүмкүн?

2. Сен куштардын кандай түрлөрүн билесиң?

3. Адамдар эмне үчүн үйлөрүндө куштарды багышат? 4. Куштардын түсү, сырткы көрүнүшү кандай?

Куштардан тоо кушу – кекилик өзүнүн кооз чырайы жана көркөм сырткы көрүнүшү менен башка куштардан айырмаланып турат.

Кекиликтин сүрөтүн тартуудан мурда куштун баш бөлүгүнөн куйругунун учуна чейин болгон аралыкты 31-сүреттөгү үлгү сыяктуу туура сызыктын жардамында белгилеп ал. Жардамчы сызыктар менен куштун башын, денесин жана куйрук бөлүгүн белгилеп ал. Эми баскычма-баскыч куштун башка бөлүктөрүн, сызып бүтүрүп ал. Сүрөт дептерге кекиликтин жалпы көрүнүшүн калемде сызып болуп, боёого өт. Баштап ачык түстөр, кийин кочкул түстөр берилет.





**29-сүрөт.** Куштар.





**30-сүрөт.** Акварелде куштардын сүрөтүн үлгүлөрү.



**31-сүрөт.** *Аркадий Рылов.* Көгүлтүр кеңдиктер.



**32-сүрөт.** *Жалал Усманов.* «Куштардын тили».



**33-сүрөт.** Кекиликтин сүрөтүн тартуунун баскычтары.

Айрым окуучулар өз каалоосу боюнча башка куштардын сүрөтүн тартышы да мүмкүн.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Куштар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?
2. Өзүң билген куштардын аттарын айт.
3. Куштар башка жаныбарлардан эмнеси менен айырмаланат?

**Үйгө тапшырма:**

1. Кекиликтин сүрөтүн түскө боёп, аяктоо.

## ТУУРА ТӨРТ БУРЧТУК ТҮРҮНДӨ ОЙМО ТАРТУУ

Оймо – колдонмо жасалга өнөрүнүн эң кең таралган түрлөрүнөн бири болуп саналат. Элдик колдонмо жасалга өнөрү дегенде, ата-бабаларыбыз кылымдар бою жаратып келген жана усталарыбыз тарабынан бүгүн да улантылып жаткан улуттук кол өнөрчүлүк буюмдары жана колдонмо өнөр эмгектерин түшүнөбүз.

Ар түрдүү оймолор колдонмо өнөрдүн негизин түзүп, алар үч түргө: ***ислимий, гирих*** жана ***таалал оймолорго*** бөлүнөт.

**Ислимий оймо.** Ийри сызыктуу өсүмдүк сымал формалуу элементтерден турган оймо ислимий оймолор – айгүл, жалбырак, бутак, бофта, чырмоок, маргула сыяктуу оймо элементтеринен көркөмдөштүрүлүп (стилистикалык жол менен) жаратылат (34-*а* сүрөт). Мында элементтери өсүмдүктөр, алардын гүлдөрү, жалбырак, бутактар, куштар, жаныбарлардын сүрөттөрүн стилизация кылуу аркылуу оймо элементтери алынат.



а)



б)

**34-сүрөт.** Ислимий (*а*) жана гирих (*б*) оймонун үлгүлөрү.

**Гирих оймо.** Туура сызыктуу геометриялык фигуралар – үч бурчтук, төрт бурчтук, беш бурчтук, алты бурчтук, сегиз

бурчтук сыяктуу фигуралардан турган оймо. Бул оймолор алебастр оймочулугунда, жыгач оймочулугунда көп колдонулат (34-*б* сүрөт).

**Татаал оймо.** Ислимий жана гирих оймолорунан аралаш түрдө түзүлгөн оймо татаал оймо дейилет (35-сүрөт).

Туура төрт бурчтук оймо оюлган жыгач дарбаза, эшик, устун, оймолуу дубал панно, килем, сюзане, палак, кутуча жана үкөктөрдү жасалгалоодо колдонулат. Бул буюмдардагы оймолор төрт бурчтуктун негизинде жаратылган болсо да, оймо элементтеринин түзүлүшү жана жайгашуусу, жасалышы жагынан бири-биринен айырмаланат (36-сүрөт).



**35-сүрөт.** Айвандын шыбына иштелген татаал оймонун үлгүсү.





**36-сүрөт.** Туура төрт бурчтуктун ичиндеги оймонун үлгүлөрү.



**37-сүрөт.** *Низамиддин Турсуналиев*. Туура төрт бурчтук түрүндө оймо тартуунун баскычтары.

Бүгүнкү сабагыбызда туура төрт бурчтук түрүндө оймо сызабыз (37-сүрөт). Баштап узуну 7 см, туурасы 12 см өлчөмдөгү туура төрт бурчтук формасын сүрөт дептерине жайгаштырып ал. рып ал. Андан соң борбордон горизонталдуу жана вертикалдуу туура сызыктар жүргүзүлүп, төрт бурчтукту тең төрт бөлүккө бөлүп ал. Иштин кийинки баскычында төрт бурчтуктун бурчтарын туура сызык менен бириктир. Туура төрт бурчтуктун борборунан 7 см өлчөмдөгү айлана сызып ал. Пайда болгон сызыктарга карап баскычма-баскыч жалбырак, пахта, бутак элементтеринен оймо композициясын пайда кыл.Оймо элементтерин төрт бурчтуктун чейрек бөлүгүндө сызып

алып, кийин кагаздын жардамында төрт бурчтуктун башка бөлүктөрүнө көчүрүп түшүрүлсө, оймо композициясынын бөлүктөрү симметриялуу түрдө бирдей чыгат. Оймо композициясын калемде сызып алгандан соң, аны боёого өтүшүң мүмкүн. Мында жылуу жана муздак түстөрдүн контрастынан туура пайдаланууга аракеттен. Адатта, майда элементтер, мисалы, композиция борборундагы пахта жана жалбырак элементтери жылуу түстөргө боёлот.

Үлгүдөгү оймо композициясы симметрияга негизделген, б.а. композициянын төрттөн бир бөлүгү симметриялуу түрдө кайталанат. Оймо тартууну баштоодон мурда үлгүдөгү (35–36-сүрөттөр) оймолорду кунт коюп күзөт.

Кийин баскычма-баскыч оймонун башка элементтерине түс берип чык. Соңку баскычта гүл жана жалбырактарга чаар сызык берип аякталат.

Дептерди таза тутуу керектигин эсте тут.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Колдонмо жасалга өнөрүнүн түрлөрүн айтып бер.
2. Кандай оймо түрлөрүн билесиң?
3. Оймо менен жасалгаланган туура төрт бурчтук формасындагы кандай буюмдарды билесиң?

**Үйгө тапшырма:**

1. Туура төрт бурчтук түрүндөгү оймону түстө боёп, аяктап кой.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып кой.

## «ӨЗБЕКСТАНДЫН АРХИТЕКТУРАЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ» ДЕГЕН ТЕМАДА МАЕК

Өзбекстаныбыз байыркы жана тарыхый архитектуралык эстеликтерге бай журт саналат (38–39-сүрөттөр). Самарканд, Бухара, Хива, Ташкент, Шахрисабз, Кокон сыяктуу шаарлардагы архитектуралык жайлар өзүнүн салабаттуу, оймолуу жасалгалары, көркөм жеткилеңдиги менен дүйнө элин таң калтырып келүүдө. Бул өз кезегинде, ата-бабаларыбыздын архитектура жана колдонмо өнөр тармагында жогорку билим, көркөм жөндөм ээлери болгондугунан далалат берет.

**«Архитектура»** грекче сөз болуп, «куруу», «жаратуучулук» деген маанилерди билдирет. Курулуш дегенде архитектордун долбоор жана чиймеле-



**38-сүрөт.** Самарканд. Регистан ансамбли.



**39-сүрөт.** Бухара. Минараи Калан.

ри, материалдарда берилген ойлору анын куруучу жаратуучулар тарабынан ишке ашырылышын түшүндүрөт. Имараттын кооздугу, көркөмдүгү анын композициялык түзүлүшүнө, ички жана сырткы көркөм жактарынын шайкештигине, жасалгалардан чебердик менен пайдалануусуна байланыштуу.

Эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстан архитектурасы ылдамдык менен өнүктү. Заманбап имараттар менен бир катарда чыгыш стилиндеги архитектуралык имараттар да курулду. Ташкент шаарындагы Ташкент ислам университети, Хазрати Имам



**40-сүрөт.** Хазрати Имам комплекси.



**41-сүрөт.** Ташкент. Минар мечити.



**42-сүрөт.** Имам ал-Бухарийдин күмбөзү.

комплекси, Минар мечити, Самарканд облусу Челак айлындагы Имам ал-Бухарийдин күмбөзү ушуларга мисал болот (40–42-сүрөттөр).

Самарканддын Регистан аянтындагы Шердар, Тиллакары жана Улугбек медреселери, Бибиханым медресеси, Шахы Зинда жана Гөрү Амир күмбөздөрү, Бухара шаарындагы Ысмайыл Саманийдин күмбөзү, Масжиди Калан, Мирараб медресеси, Минараи Калан, Бухара Аркы, Ситараи Махы Хаса, Хива шаарындагы Ичан калаа, Пахлаван Махмуддун күмбөзү, Шахрисабз шаарындагы Көккүмбөз мечити, Шайх Күлал күмбөзү, Аксарай, Кокон шаарындагы Худаярхандын ордосу, Ташкенттеги Көкалдаш, Абул Касым, Хазрати Имам медреселери өңдүү тарыхый жайлар дүйнөгө белгилүү. Бул жайлардын сырты көз жоосун алган оймолор менен жасалгаланган. Ошондуктан кылымдар бою өз кооздугу жана салабатын сактап келүүдө.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Өзбекстандагы архитектуралык эстеликтер, негизинен, кайсы шаарларда жайгашкан?
2. Эң белгилүү тарыхый жайлардын атын айтып бер.

**Үйгө тапшырма:**

Терминдер дептерине журтубуздагы тарыхый шаарлар, белгилүү архитектуралык эстеликтердин аттарын жана бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып ал.

## «КОНОКТОР АРХИТЕКТУРАЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРДИН ЖАНЫНДА» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ИШТӨӨ

Архитектура өнөрү да башка өнөр түрлөрү сыяктуу адамдын маанайын белгилейт, анын өзүн тутуусуна, иш жөндөмүнө, ойлоосуна, көз карашына таасир кылат. Имараттардагы салабат, улуулук, көркөмдүк жана оймолуу жасалгалар сенде табиятка, ата журтка, чыгармачыл элибиздин чыгармачылык менен жараткан эмгегине карата сыймык сезимин ойготот. Мисалы, Самарканддагы Шердар медресеси, Бухарадагы Ысмайыл Саманийдин күмбөзү, Хивадагы Ичан калаа өңдүү комплекстердин кайсыдыр бирин түздөн-түз же фоторепродукциясын күзөтүү аркылуу буга ынанасың. Эгерде сен жашап жаткан шаар же кыштакта ушуга окшош тарыхый жай болсо, алардын формасы, жасалгаларын эстөөгө аракет кылып көр.

Журтубуз архитектурасы дүйнөлүк искусствого да өз таасирин тийгизген. Мисалы, Индиянын Агра шаарындагы Тажмахал күмбөзүн мекендешибиз Захириддин Мухаммад Бабурдун урпактарынан Шахжахан курдурган (43-сүрөт). Бул күмбөздүн сырткы жана ички түзүлүшү, мунара жана күмбөздөрүндөгү назик оймолор Самарканд жана Бухарадагы жайларга окшоп кетет.

«Коноктор архитектуралык эстеликтин жанында» темасында композиция иштөөдө жогоруда эстеп өтүлгөн жайлардан биринин сүрөтүн негизги объект кылып алышың мүмкүн (44-сүрөт).



**43-сүрөт.** Индия. Тажмахал күмбөзү.



**44-сүрөт.** Конoктор архитектуралык эстеликтин жанында.

Темага тиешелүү композиция иштөөдө, эң обо-лу, адаттагыдай, кагаздын бетине ***горизонт сызыгы*** жүргүзүлүп, асман менен имараттар жайгашкан чек ара бөлүп алынат. Кийин эстеликтин жалпы көрүнүшү кагаздын бетине компановка кылып жайгаштырылат. Мында биринчи план, экинчи план, үчүнчү план эрежесине амал кылынат. Өзгө журттан келген туристтер ар түрдүү улуттун өкүлдөрү болгондуктан алардын кийимдери да түрдүүчө болот. Мисалы, англис же араб, немис же индилердин сырткы түспөлү, кийимдеринин түсү, формасы, түрү, жасалгалары менен бири-биринен айырмаланат.

Сүрөт тартылып жатканда архитектуралык жайдын чыгышка мүнөздүү формасы айлана-чөйрөнүн өз ара шайкештиги, оймо жасалгаларынын имаратка жарашыктуулугу, адамдардын денесинин алдындагы катыштары эсепке алынат. Көлөкө, жарым көлөкө, кочкул көлөкө, рефлекс, перспекти-

ва элементтери туура аткарылса, сүрөт андан да ишенимдүүрөөк, мазмундуураак чыгат. Композицияны калемде сызып болгонуңдан соң, боёп бүтүр.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Журтубуз архитектурасынын дүйнөлүк архитектура өнөрүнө тийгизген таасирин айтып бер.
2. Чет элдик туристтер эмне үчүн байыркы шаарларыбызды көрүүгө кызыгышат?

**Үйгө тапшырма:**

1. «Коноктор архитектуралык эстеликтин жанында» композициясын живописте аяктап кой.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып кой.
3. Байыркы шаарларга тиешелүү сүрөт жана фоторепродукцияларды чогултуп бар.

## «КОЙЧУ БАЛА» ТЕМАСЫНДА АЙКЕЛ ЖАСОО

Сүрөтчүлөр өз чыгармаларында түрдүү кесип ээлерин образдарын жаратышкан: кээ бир сүрөтчүлөр актёрлорду, кээ бирлери жазуучу жана акындарды, кээ бирлери окумуштууларды сүрөттөгөн. Өзбекстан эл сүрөтчүсү Рахим Ахмедовдун «Койчу бала» картинасында сүрөтчү ары машакаттуу, ары сыймыктуу кесип ээси – жаш чабандын образын жараткан (45-сүрөт). Ошондой эле, Неемат Козубаев, Гафур Абдурахманов, Зухриддин Исламшиков, Фахриддин Тахиров (46-сүрөт) жана башка сүрөтчүлөрдүн чабандар турмушуна таандык эмгектери да бар.



**45-сүрөт.** *Рахим Ахмедов*. Койчу бала.



**46-сүрөт.** *Фахриддин Тахиров*. Койлор.

Эми көңүлүңдү айкелчи Туркман Эсановдун «Койчу бала» айкелине бурабыз (47-сүрөт). Анда өз уюн жайлоого айдап бараткан баланын образы сүрөттөлгөн. Айкелде музоосун таштап кетүүгө көзү кыйбай кылчайып бараткан уй жана аны батыраак башка уйларга кошуу үчүн тездеп бараткан баланын образы чебердик менен иштелген.

Сен берилген репродукцияларды кунт коюп күзөт жана ойлоп көр, фантазияңды ишке сал. «Койчу бала» темасында айкел жасоо үчүн варианттар жөнүндө ойло.



**47-сүрөт.** *Туркман Эсанов*. «Койчу бала» айкели.

Айкелди жасоодон мурда жогоруда сүрөттөлгөн эмгектердеги чабандын образын, анын характерлүү абалын, кийген кийимдерин эске ал. Ушулардын негизинде өз оюңдагы образды өз алдынча жаратасың.

Тапшырманы аткаруудан мурда сүрөт дептериңе айкелдин каралама сүрөтүн сыз.

Эскиз жаккандан соң, чопо же пластилинден баскычма-баскыч айкел жасоого өтөсүң. Айкел жасоодо дене бөлүктөрүнүн катыштарына көңүл бур жана ушуга ылайыктуу түрдө чопонун бөлүктөрүн бөлүп ал. Иштеп жатканда койчунун образына кошумча түрдө бөрүбасар ит же аттын айкелин кошуп композиция жаратсаң, ишиң дагы да мазмундуу чыгат. Композицияны эки киши болуп жасаш да мүмкүн.

Койчу баланын дене мүчөлөрүнө баштапкы иштөө берилгенден соң, аларды бири-бирине бириктир. Үлгүдө келтирилгендей (48-сүрөт), айкелди баскычма-баскыч толук абалын сүрөттөөгө аракеттен. Айкелдин дене мүчөлөрүн бириктиргенден соң, анын майда деталдарын иштешиң мүмкүн. Иш учурунда айкелчиликтин маанилүү эрежеси – койчу баланын денесинин таяныч чекитин туура сүрөттөөгө аракет кыл.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Живописте жайлоонун көрүнүшү кандай сүрөттөлгөн?
2. Рахим Ахмедовдун «Койчу бала» чыгармасына мүнөздөмө бер.



**48-сүрөт.** *Шахло Юсупова*. Койчу баланын айкелин жасоонун баскычтары.

3. Айкелчи Т.Эсановдун «Койчу бала» айкелинде кандай турмуштук чындык сүрөттөлгөн?

**Үйгө тапшырма:**

«Койчу бала» айкелин өз алдынча улантып, бүтүрүп кой.

# КВАДРАТ ТҮРҮНДӨ ОЙМО ТАРТУУ

Инсан эзелтеден өзү колдоно турган үй-орозгер буюмдарын, жашай турган турак жайын кооз оймолор менен жасалгалап жашоого үйрөнгөн. Бул болсо колдонмо жасалга өнөрүнүн жыгач оймочулугу, металл оймочулугу, алебастр оймочулугу өңдүү түрлөрүнүн андан да өнүгүшүнө себеп болгон.

Өзбек жыгач оймочулугу жана чеккич (чеканка) усталары Артык Файзуллаев, Якубжан Рауфов, Таир Тохтахожаев, Жалил Хакимов, Анвар Илхамов, Ганы Каримовдордун архитектуралык имараттардын ички бөлүгү дубалдары жана шыптарына, стол жана стулдарга, жыгач көзөлөргө сызылган оймолору назиктиги, көркөм жана кооздугу менен өзбек колдонмо жасалга өнөрүнүн берметтери саналышат (49–50-сүрөттөр).

Квадрат түрүндө оймо сызуу үчүн жактары 8 см ден болгон квадрат сызып ал. Аны 7-темада көрсөтүлгөндөй тең төрт бөлүккө бөлүп алып, ар бир бөлүккө жалбырак элементин, ал эми ортосуна диаметри 4 см болгон айлананын ичине сегиз бөлүктүү айгүл сыз. Айгүлдүн төрт жагынан чырмоок сымал бутак элементин сызып аласың. Алар бириккен оймо элементтерин борбордон бирдей алыстыкта симметриялуу түрдө жайгашуусуна аракет кыл. Ал үчүн 7-темада айтканыбыздай, калька кагаздан пайдаланып оймо композициясы-





**50-сүрөт.** Имараттын ички бөлүгүндөгү оймо.



**49-сүрөт.** Жыгач оймочулугу менен жасалгаланган эшик жана куту.

нын бөлүктөрүн симметриялуу түрдө бирдей болуусуна жетишесиң.

Үлгүдөгү оймодо квадраттын ичине жалаң гана ислимий оймо элементтери түшүрүлгөн (51-сүрөт). Сен өз ишиңде аралаш оймо тартышың да мүмкүн. Пайда болгон фигурага каалагандай оймо элементтери сызылат. Бардык сызуу иштери бүткөндөн соң, ашыкча сызыктар өчүрүлөт жана түс менен боёого өтүлөт. Үлгүдө келтирилген оймодо гүл элементтери жылуу, фон болсо муздак түстөрдө берилген. Сен өз оймо композицияңда да түстөрдүн үстөмдүү гам-



**51-сүрөт.** *Низамиддин Турсуналиев*. Квадрат түрүндө оймо сызуунун баскычтары.

масын сактаган түрдө контраст түстөрдөн орундуу пайдаланууга аракет кыл.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Квадрат жана туура төрт бурчтук өз ара кандай айырмаланат?

## Артык Файзуллаев



Өзбекстан эл сүрөтчүсү, Өзбекстан Көркөм академиясынын академиги, Көркөм академиянын алтын медалынын ээси. 1933-жылда Ташкент шаарында төрөлгөн. Беньков атындагы Республикалык сүрөтчүлүк окуу жайын жана Низамий атындагы Ташкент Мамлекеттик педагогика институтунун Сүрөт жана чийүү бөлүмүн аяктаган. Ал жыгач оймочулугу боюнча белгилүү уста. Эмгектери Наваий атындагы Адабият музейинде, Өзбекстан мейманканасында, Наваий атындагы искусство сарайында, о.э. бир топ чет мамлекеттерде бар.

2. Оймолор кандай максатта сызылат?
3. Оймолорду боёодо кандай түстөрдөн пайдаланылат?
4. Белгилүү өзбек жыгач оймочулары, чеккичтери (металл оймочулары) жөнүндө эмнелерди билесиң?

**Үйгө тапшырма:**

1. Квадрат түрүндөгү оймону түстө бүтүрүп келүү.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү, белгилүү өзбек усталарынын аттарын жазып келүү.

## «СПОРТ ОЮНДАРЫ» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ИШТӨӨ

Мамлекетибизде спортту өнүктүрүү боюнча чоң иштер аткарылууда. Өкмөтүбүз, спортко, өзгөчө, балдар спортуна өзүнчө көңүл бурууда. Эгемендүүлүк жылдарында мамлекетибизде спорттун өнүгүшү натыйжасында көптөгөн олимпиада, дүйнө жана Азия чемпиондору жетишип чыкты. Эл аралык спорт мелдештеринин жеңүүчүлөрү журтубуздун желегин дүйнө спорту ареналарында эң жогорку тепкичке көтөрүштү.

Айрыкча, 2016-жылкы Олимпиадада Өзбекстандык 13 спортчубуз жеңүүчү жана сыйлыктуу орундарга көтөрүлгөнү, Рустам Нуриддинов, Хасанбай Досматов, Шахабиддин Заиров, Фазлиддин Гайыбназаровдор болсо Олимпиада чемпиону болушкан.






**52-сүрөт.** Спорттук мелдештерден көрүнүштөр.

Мамлекетибизде үч баскычтуу «Умид нихоллари», «Баркамол авлод», «Универсиада» мелдештери үзгүлтүксүз өткөрүп келинүүдө. Улуттук күрөшүбүз дүйнө эли тарабынан Эл аралык спорт түрү деп таанылган. Ошондуктан спорт темасында сүрөт тартуу сага кызыктуу болсо керек.

«Спорт оюндары» темасында сүрөт тартуудан мурда өзүңө жаккан бир спорт мелдешин көз алдыңа келтир (50-сүрөт). Кийин оюңдагы эпизоддук абалды каралама сүрөт түрүндө кагазга түшүр. «Күрөш майданында», «Жаш футболчулар», «Гимнаст кыз», «Веложарыш», «Ринг», «Балбан боломун», «Дарбазачы», «Жаш теннисчи», «Кылычбаздар» (53-сүрөт) өңдүү варианттардан бирин тандашың мүмкүн.





**53-сүрөт.** Кылычбаздын кыймылдары сүрөтүнүн каралаМасы.

Композиция жасоодо баштап спортко тиешелүү фотоматериалдар менен таанышып чыксаң, композицияга тема тандооң оңой болот.

Сүрөт тартууда дененин негизги аракетин белгилешиң, аны сүрөттөөнүн тартибин аныктап алууң керек. Күрөш темасында эки күрөшчүнүн бел алышып жатканы, футбол темасында бир футболчунун экинчисин алдап жатканы же топту дарбазага тээп жатканы, бир боксчунун экинчисине сокку берип жатканы, велоспортчунун ылдам алга умтулуп жатканын сүрөттөшүң мүмкүн.

Сүрөт тартууда адамдардын түспөлүн даана сүрөттөөгө көп көңүл буруу шарт эмес. Негизгиси сүрөттүн мазмунун жана темасын, спортчулардын аракетин көрсөтүп берүү.

Адамдын түспөлүн тартууда мелдеш жараянындагы кол, бут, баш жана дененин характерлүү абалдарын эске ал. Бул абалдар табылса оюн маалындагы тездик жана шаң сүрөтүңдө толук көрүнөт. Мелдеш жүрүп жаткан аянт (стадион, корт, ринг, килем), айланадагы көрүүчүлөр, кыймылдагы адамдардын сөлөкөттөрү перспектива эрежелерине негизделип тартылат. Композиция биринчи сабакта калемде тартылып бүтүп, экинчи сабакта боёкто иштелет. Түс берүүнү ири бөлүктөрдөн баштап, кийин майда бөлүк жана деталдарга өтүлөт. Баштап ачык түстөр, кийин кочкул түстөр берилет. Түс перспективасына ылайык жакындагы нерселер жаркыныраак, тагыраак, аркадагылары бир аз күңүрт кылып тартылат.

Композицияңда спорт кийимдерине көңүл бур.

Оюнчулардын кийиминин түсү атаандашынан айырмаланышы керек.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Өзбекстандык олимпиада жана дүйнө чемпиондорунан кимдерди билесиң?
2. Спорт мелдештеринде командалар эмне үчүн эки түрдүү кийимде майданга чыгышат?
3. Мелдеш учурунда дененин характерлүү абалдары кандай өзгөрүп турат?

**Үйгө тапшырма:**

«Спорт оюндары» темасындагы композицияны биринчи сабактан кийин калемде сызып, экинчи сабактан кийин боёп кел.

## 2-ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

### I. Теориялык билимиңди бышыкта.

1. Куштар өз ара бири-биринен кандай айырмаланат?
2. Оймонун кандай түрлөрү бар?
3. Журтубуздагы кайсы архитектуралык эстеликтерди билесиң?
4. Белгилүү жыгач оймочулугу, алебастр оймочулугу жана металл оймочулугу усталарын айтып бер.

### II. Билимиңди сынап көр.

**1. Жылуу түстөрдү тап.**

A) жашыл, көк, кара;    B) ак, кара, боз;

C) көк, кызыл, жашыл;

D) кызгылт-сары, кызыл, сары.

**2. Оймочулукка тиешелүү терминдерди тап.**

A) айкел, жасалга, бюст;

B) гирих, композиция, ислимий;

C) китеп, кыл калем, калем;
D) боёк, кагаз, палитра.

**3. Самарканддагы тарыхый жердин атын тап.**
A) Ысмайыл Саманийдин күмбөзү;
B) Пахлаван Махмуддун күмбөзү;
C) Шахы Зинда күмбөзү D) Келте Минар

**4. Бухарадагы тарыхый имараттын атын тап.**
A) Минараи Калан; C) Ичан калаа;
B) Шердар медресеси; D) Шайх Күлал күмбөзү.

**5. Хивадагы тарыхый жайлардын атын тап.**
A) Бибиханым, Шердар медресеси;
B) Топураккоргон, Минараи Калан;
C) Келте Минар, Ичан калаа;
D) Шайх Күлал күмбөзү, Көкалдаш медресеси.

**6. Үч баскычтуу спорт оюндарын тап.**
A) күрөш, көкбөрү, фехтование (кылычташуу);
B) көкбөрү, көркөм гимнастика, жарыш;
C) «Умид нихоллари», «Баркамол авлод», «Универсиада»;
D) «Ташаббус», «Янги авлод», «Умид гунчалари».

## «КЫШ КЕЛДИ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Кыштын карлуу күндөрүндө айлана аппак кийим киет. Кышкы табияттын мындай өзгөчө көрүнүшү көп сүрөтчүлөргө чыгармачылык менен иштөөлөрү үчүн илхам берет. Орус сүрөтчүлөрүнөн А.Саврасовдун «Каргалар учуп келди», А.Пластовдун «Биринчи кар», И.Грабардын «Жаркыраган кышкы күн», Ф.Шишкиндин «Кыш», И.Левитандын «Март», өзбек сүрөтчүлөрүнөн Рахим Ахмедовдун «Акташта кыш»,



**54-сүрөт.** *Рахим Ахмедов*. Акташта кыш.



**55-сүрөт.** *Евгений Стрельников*. Чыгыш дубал.



**56-сүрөт.** Мухаммадияр Ташмурадов. Гыланда кыш.



**57-сүрөт.** *Исаак Левитан*. Март.



**58-сүрөт.** *Жоро Асранов*. Шахимардан. Ак көйлак.

Мухаммаддияр Ташмурадовдун «Гыланда кыш», Жоро Асрановдун «Шахимардан. Ак көйлак», Артыгалы Казаковдун «Чимянда кыш», Е. Стрельниковдун «Чыгыш дубал» аттуу чыгармаларында кыштын көркү түрдүүчө сүрөттөлгөн (54–57-сүрөттөр).

Картиналар жана өз эскерүүлөрүң, элестериңдин негизинде «Кыш келди» деген темада курдаштарыңдан өрнөк алып, өз алдыңча композиция иште. Композицияны иштөөдөн мурда сүрөтчүлөрдүн эмгектеринде берилген турмуштук чындыктарды байкоонун негизинде калыптанган таасирлериңе таян.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Кыш мезгили башка мезгилдерден кандай айырмаланат?
2. Бул мезгилде табият кандай көрүнүштө болот?
3. Кышкы оюндар жөнүндө айтып бер.
4. Кышта кардын түсү эмне себептен өзгөрүп турат?
5. Кыш жөнүндө билген ырларыңдан айтып бер.

**Үйгө тапшырма:**

1. Сабакта баштаган композицияны үйдө аякта.
2. «Кышкы оюндар» темасында өз алдыңча композиция иште.

## ТЕГЕРЕК ФОРМАДА ОЙМО СЫЗУУ

Тегеректин ичинде сызылган оймолор схемалык түзүлүшү жана элементтеринин жайгашуусу жагынан квадраттык оймолорго окшоп кетет. Сүрөттөлүп жаткан негизги оймо тегеректин борборунда жайгашып, чети бош калышы, тескерисинче тегеректин четинде жол сымал оймолор болуп, борбору бош калышы, же анын борборунда да, четинде да оймолор болушу мүмкүн.

«Тегерек формадагы оймо» композициясын иштөөдө туура төрт бурчтук жана квадрат формасындагы оймону сызууда алган тажрыйбаңа таян.

Оймону сызууну дептердин бетине диаметри 9 см болгон айлана чийүүдөн баштайсың. Айлананын ок сызыктары аны төрт тең бөлүккө бөлөт. Сен түзө турган оймо композициясы төрт жолу мезгилдүү түрдө кайталанат. Оймо сызууга кызыгуучу таланттуу балдар айлананы алты же сегиз бөлүккө бөлүп, салыштырмалуу татаалыраак оймо композициясын иштеши мүмкүн.



**59-сүрөт.** Тегерек формада сызылган оймонун үлгүсү.

Пайда болгон схемалык

фигурага оймо элементтерин (жалбырак, бофта, пахта, чырмоок) кезеги менен сызып, ишти календе аякта. Баштап композициянын төрттөн бир бөлүгүн пайда кылып болгондон соң, аны калька кагазына түшүрүп айлананын калган бөлүктөрүнө көчүрүп чыгасың. Оймо композициясы пайда кылып алынгандан соң, аны түскө боёого өтөсүң. Түс берүүдө төрт бурчтук оймо сызууда



**60-сүрөт.** *Низамиддин Турсуналиев*. Тегерек формада оймо сызуунун баскычтары.

көрсөтүлгөн эрежелерге амал кылынат. Иш жараянында 58-сүрөттө көрсөтүлгөн баскычтарга амал кыл. Оймону боёо жараянында түстөрдүн шайкештигине, жылуу же муздак түстөрдүн катышуусуна көңүл бур.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Квадрат, тегерек, төрт бурчтук формасындагы оймолордун айырмасы эмнеден турат?
2. Тегерек формадагы оймо каерлерде кезигет?

**Үйгө тапшырма:**

1. Тегерек формадагы оймону аяктап кел.
2. Үйүңдөгү колдонмо өнөр буюмдарындагы оймо үлгүлөрүн иликте.

## «СЕБЕТ КӨТӨРГӨН КЫЗ» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ИШТӨӨ

Элибиз эзелтеден нанды ардактап келет. Нандардын суу нан, патир нан, майлуу нан, лачира нан, шырмай нан, эттүү нан, белек нан жана башка көптөгөн түрлөрү бар. Дандырдан жаңы үзүлгөн, ысык, жумшак нан жана токочтор адатта ашканадан үйгө себетте алып кирилет.

Композиция элементтерин табууда эс тутумуңда сакталып калган эскерүүлөрдү, базардагы нан сатылуучу катарларды көз алдыңа келтирсең, композицияны иштөөңө оңой болот.

Бул сабакта «Себет көтөргөн кыз» темасында

композиция иштейсиң. 61-*а* сүрөттө себет көтөргөн кыздын өзү (сүрөтчү У.Сулайманов), 61-*б* сүрөттө болсо кыздын каптал жана арт жактарындагы фон чогуу (курдаштарың сызган сүрөттөрдөн үлгү) берилген. Биринчи сабакта арка фон – короонун бир бөлүгү, ашкана, андагы очок-дандырдын көрүнүшү сүрөттөлсө, экинчи сабакта себет көтөрүп келе жаткан кыздын сүрөтүн кошуп, бүтүн композиция жаратасың. Сен үлгүдө берилгендей композиция иштөөң шарт эмес. Эркин темада башка көрүнүштөгү сүрөт тартышың да мүмкүн.







**61-сүрөт. Себет көтөргөн кыз.**

Ашканалар адатта жазгы жана кышкы болот. Сүрөт тартууну баштоодон мурда белгилүү өзбек сүрөтчүлөрү Павель Беньковдун «Жүзүм үзүү», «Курбу кыздар» (62-сүрөт), Рахим Ахмедовдун «Менин короом», Абдуманнан Юнусовдун «Короо» түркүмүндөгү сүрөттөрү (63-сүрөт) менен таанышып чыгабыз.



**62-сүрөт.** *Павель Беньков*. Курбу кыздар.



**63-сүрөт.** *Абдуманнан Юнусов*. Короо.

Сен, сүрөттөрдү байкап, арка фон, биринчи план, экинчи план, композициянын борборун аныктоого аракеттен. Алынган таасирлердин негизинде өз короoң жана ашканаңды ой жүзүндө элестетип, баштапкы сүрөт жана эскиздерди тарт.

Ашканада болушу зарыл болгон – дандыр, очоктордун өзүнө мүнөздүү формасын, катыштарын перспектива эрежелерине ылайык түрдө эстеп тартууга өт. Сүрөтүңдө чака, отун, балта жана ушул сыяктуу башка ашкана буюмдары да кошуп тартылса, композиция андан да мазмундуу чыгат.

Эгерде жазгы ашкананын сүрөтүн тартып жаткан болсоң, короодогу мөмөлүү дарактар, жүзүмдөрдүн кандай жайгашканын эсте. Экинчи сабакта себет көтөрүп келаткан кыз образын биринчи сабакта тарткан ашкана пейзажынын фонунда сүрөттөйсүң. Кыздын себет кармап турган

колдорун бүгүлгөн учурдагы характерлүү абалы, кийген улуттук кийими, себет жана андагы нандар баскычма-баскыч катыштарга амал кылып сызылат.

Композицияны калемде сызып болсоң, түстөргө боёп бүтүр. Түс берүүдө кыздын сүрөтү жаркыныраак, тагыраак иштелсе, арка фон ачыгыраак иштелет. Композицияны боёодо негизги жана туунду түстөр, контраст түстөр, жарык жер, көлөкө, жарым көлөкө, рефлекс өңдүү сүрөттөө элементтерине көңүл бур.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Нандын түрлөрүн айтып бер.
2. Колорит деген эмне?
3. Үйүңдө ашкана кандай жайгашкан?

**Үйгө тапшырма:**

1. Биринчи сабакта «Себет көтөргөн кыз» композициясын калемде сызып, экинчи сабакта жана үйдө боёп, толук иштеп бүт.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып ал.

## «ТӨӨ МЕНЕН ТАЙЛАК» ТЕМАСЫНДА АЙКЕЛ ЖАСОО

Жаңы төрөлгөн музоо, козу же улакка өзгөчө мээрим менен карайбыз. Дал ушундай эле, кулун же тайлак да өтө сүйкүмдүү болот.

Жаныбарларды сүрөттөө темасы байыркы замандарда да, азыр да көркөм сүрөт өнөрүнүн эң кызыктуу жанрларынан бири болуп келген. Байыркы Египеттеги Сфинкстердин таштан жасалган чоң айкелдери, Самарканд шаарындагы Шердар медресеси маңдайына тартылган арстан менен кийиктин сүрөтү, археологиялык казуулар маалында табылган карапа жана зер буюмдарындагы сүрөттөр да адамдар менен жаныбарлардын ортосунда байланыш бар экенинен кабар берет.

Анималисттик жанр айкелчиликте да кеңири сүрөттөлөт. Айрыкча, декоративдик айкелчиликте түрдүү оюнчуктар түрүндөгү жаныбарлардын сүрөттөлүшүнө кеңири орун берилген (64-сүрөт). Элдик усталардан Уста Жорокулов, Абдурахим Мухтаров, Хамрабиби Рахимовалардын иштери Өзбекстанда гана эмес, о.э. чет мамлекеттерде да белгилүү. Алардын эмгектери чакан өлчөмдүү декоративдик айкелчелер, ышкырыктар болгондуктан, айкелчиликтин бул түрү **майда пластика** деп да аталат.



**64-сүрөт.** *Шахноза Моминова.* Насирдин Апенди.

Майда пластикадан айырмалуу түрдө станоктуу айкелчиликте анималисттик жанрда иштеле турган эмгектер **реалисттик усулда** жаратылат.

Өзбекстандык айкелчилерден А.Байматовдун «Тайлак» (Bo‘taloq), Туркман Эсановдун «Койчу бала» (47-сүрөт) аттуу айкелдерин кунт коюп күзөтсөң, бүгүнкү сабакта жасашың зарыл болгон төөнүн айкелин сүрөттөшүң оңой болот.

Төөнүн айкелин жасоого киришүүдөн мурда төөлөр жөнүндөгү билгендериңди көз алдыңа келтир. Төөнүн айкелин жасоодо анын өркөчтөрүнө көңүл бур. Алар бир же эки өркөчтүү болушат (65-сүрөт).

Байыркы сүрөттөр, мисалы, Чыгыш миниатюраларында да, заманбап миниатюраларда да төөнүн сүрөтү сүрөтчүлөр тарабынан көп колдонулган (66-сүрөт).



## Хамрабиби Рахимова

1896-жылда Вабкент районунда төрөлгөн. Салттуу майда формадагы карапа оюнчуктарды жасоочу карапачы. Анын эмгектери ат, пил, эшек, кулун, козу, кочкор, жомоктогу куш жана жаныбарлар түрүндөгү майда пластика жана ышкырыктардан турган болуп, алардын көрүнүшүндө юмор бар. Хамрабибинин эмгектери Париждеги Лувр, Санкт-Петербургдагы Эрмитаж жана Италиядагы Дүйнөлүк керамика музейлеринен орун алган.



**65-сүрөт.** Төө менен тайлак.



**66-сүрөт.** Төөлөрдүн сүрөтү. Сафавийлер доорунда иштелген миниатюрадан үзүндү.



**67-сүрөт.** *Шахло Юсупова*. «Төө менен тайлак» айкелин жасоонун баскычтары.

Айкелди жасоого киришкенге чейин аны так элестетүү үчүн калем менен кагазга каралама тартып ал. Анда төөнүн денесинин өзүнө мүнөздүү жактарын, дене бөлүктөрүнүн өз ара катыштарын тактап, андан соң аларга ылайыктуу түрдө пластилинден бөлүкчөлөр даярдап, анын эң чоң бөлүгү – денесин, башын, буттарын, өркөчүн жана куйругун өз-өзүнчө жасап, кийин аларды бириктирип чыгасың (67-сүрөт). Өз ишиңди жасоодо үлгүдөгү сүрөттөн чыгармачыл түрдө пайдаланышың мүмкүн. Айкелдин бөлүктөрүн бири-бирине жабыштырып



**68-сүрөт.** «Чаарчык» айкели.

алгандан соң, ага жалпы иштөө берилет. Анда сен жыгач стектин жардамында ашыкча жерлерин кесип, кыркып алып ташта, тескерисинче, кем жерлерин толтуруп, сүрөттөлүштүн чыныгы же турмуштагы реалдуу көрүнүшүн чагылдырууга аракет кыл. Айкелди чоңураак өлчөмдө жасап жаткан болсоң, жумшак зымдан каркас жасап ал.

Өз композицияңды жасоодо 68-сүрөттөгү «Чаарчык» аттуу пластилинден жасалган айкелчеден чыгармачыл түрдө пайдалануунуң мүмкүн.

Пластилин же чопо менен иштөө жараянында тазалыкка өзгөчө көңүл бур.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1 Майда пластика деген эмне?
2. Майда пластикадан эмгектер жараткан карапачылардан кимдерди билесиң?

**Үйгө тапшырма:**

1. Класста баштаган төөнүн айкелин жасап бүтүр.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып ал.
3. Таланттуу балдар үчүн: төө сүрөттөлгөн өз алдынча композиция иштөө.

## «УР, ТОКМОК» ЖОМОГУНУН НЕГИЗИНДЕ ИЛЛЮСТРАЦИЯ ИШТӨӨ

Адамзаттын эң улуу ачылыштарынан бири – бул китеп. Кооз сүрөттөр менен жасалгаланган китептерди көргөнүңдө өзгөчө ырахат аласың. «Шам кармаган мышык» (69-сүрөт), «Зияд баатыр» аттуу өзбек эл жомокторуна сүрөтчү Абдукаххар Махкамов кооз иллюстрациялар иштеген.

Сүрөтчү өзү иллюстрация иштеп жаткан көркөм чыгарманын мазмуну менен таанышып чыгып жатып, иллюстрация үчүн тема боло турган жактарын өзүнө белгилеп алат. Булардын негизинде бир канча вариантта баштапкы сүрөттөр тартылат. Баштапкы тартылган сүрөттөрдүн негизинде көркөм чыгарманын мазмунуна төп келе турган композицияларды иштейт. Мына ушул композициялардын эң ылайыктууларын иллюстрациянын акыркы варианты ка-





**69-сүрөт.** *Абдукаххар Махкамов*. «Шам кармаган мышык» жомогуна иштелген иллюстрациялар.

тары иштейт. Сен да сунушталып жаткан жомокко иллюстрация иштөөнү баштоодон мурда анын мазмунун иликте. Окугандарыңды же телевизордон көргөн мультфильмдерди эстөөгө аракет кыл.

Иллюстрациянын жыйынтык композициясын иштөөдө иллюстрациячы сүрөтчүлөрдүн иштерин кунт коюп күзөт (69–71-сүрөттөр).

Бүгүнкү сабакта сага «Ур, токмок» жомогуна иллюстрация иштөө тапшырмасы берилет. Устатың менен кеңешип, өзүңө жаккан башка жомокту тандашың да мүмкүн. Демек, «Ур, токмок» жомогуна иллюстрация иштөөдөн мурда жомок каармандарын эсте. Алардын көрүнүшүн кандайча мүнөздөгөн болот элең?

Иллюстрация композициясын ойлоодо жакшылык-





**70-сүрөт.** *Зилола Сулайманова*. Гафур Гуламдын «Шум бала» повес-тине иштелген иллюстрациялар.

тын жамандыктын, караөзгөйлүктүн үстүнөн жеңишке жетишин эсте тут.

«Ур, токмок» жомогунда кары аңчынын башынан өткөндөрү баяндалат. Күндөрдүн биринде кары аңчынын торуна илегилек түшөт. Илегилек аңчыдан аны коюп жиберүүсүн, мунун ордуна анын үч тилегин орундатышын айтат. Чал илегилекти коюп жиберет. Күндөрдүн биринде турмушунда кыйынчылык болгондуктан чал илегилектин алдына барат. Илегилек чалга бирин-

чи жолу ачыл дасторкон, ал эми экинчи жолу келгенде кайнар көзө тартуу кылат. Чалдын жолдо жаман адамдардын айла-амалы менен алданып калып жатканынан кабар тапкан илегилек ага «Ур, токмок» берет. Чал «Ур, токмок»тун жардамында чындыкты билип алат. Сараң бай болсо чалдын нерселерин кайтарып берет. Айтып өтүлгөн сюжеттин негизинде жомоктун мазмунуна ылайык келүүчү образдарды изде. Анда төмөнкү абалдарга көңүл бурушуң мүмкүн:



**71-сүрөт.** *Тельман Мухамедов*. «Зумрат менен Кымбат» жомогуна иштелген иллюстрация.

1. Кары аңчынын илегилек менен алгачкы жолугушуусун кандай элестетесиң?
2. Илегилектин алдына бара жаткан чал жолдо кимдерди жолуктурду?
3. Белек менен илегилектин алдынан кайтып жаткан чал кандай окуяларды башынан өткөрдү?

Жогорудагы суроолордун негизинде иллюстрациянын бир канча варианттарын сунуштоо мүмкүн. Мисалы, биринчи вариантта аңчынын торуна илинген илегилек менен болгон алгачкы жолугушуу; экинчи вариантта аңчынын жолдо чабандар менен жолугушуусу; үчүнчү вариантта аңчы жана ай-




**72-сүрөт.** *И.Халхожаев*. «Ур, токмок» жомогуна иштелген иллюстрация.

лакер байдын жолугушуусу; төртүнчү вариантта болсо «Ур, токмок» сараң байды жазалап жаткан абал сүрөттөлүшү мүмкүн. Мындан сырткары, сен өз алдыңча башка **эпизодду** да алышың мүмкүн (72-сүрөттөр).

Сүрөт тартууга киришүүдөн мурда сүрөттү кагаз бетине жайгаштырууга өзүнчө көңүл бур (73-сүрөт).

Композицияны боёп жатканда да перспектива эрежелерине амал кыл. Эгерде ишиңди акварель боёкторунда аткарып жаткан болсоң, ачык түстөрдө баскычма-баскыч боёшуң зарыл. Ар бир баскычта түстөрдү кочкулдаштырып барасың. Анан дагы



**73-сүрөт.** «Ур, токмок» жомогуна иллюстрация иштөөнүн баскычтары.

түстөрдүн символикалык маанилерине да көңүл бур. Бул сага оң жана терс каармандардын образын ачып берүүгө көмөктөшөт.

Иш жараянында тазалыкка өзгөчө көңүл бур. Сууну ашыкча коромжулаба.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Китепти жасалгалоочу белгилүү сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
2. Жомокторго иштелген иллюстрациялар башка китептерге иштелген иллюстрациялардан эмнеси менен айырмаланат?

**Үйгө тапшырма:**

1. Биринчи сабакта иллюстрацияны калемде сызып, экинчи сабакта болсо боёлгон вариантын бүтүрүп кой.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып ал.

## «ФУТБОЛЧУ» ТЕМАСЫНДА АЙКЕЛ ЖАСОО

Спорттун түрлөрүнүн ичинде эң жайылганы, талашсыз, футбол. Ошон үчүн да аны «миллиондордун оюну» деп аташат.

Өзбекстанда биринчи футбол командасы 1912-жылда Кокон шаарында «Музкоманда» деген ат менен уюшулган болсо, бүгүнкү күндө республикабыздын бардык облустарында футбол командалары бар. Айрыкча, эгемендүүлүк жылдарында мамлекетибизде футболдун өнүгүшүнө өкмөтүбүз





**74-сүрөт.** Футбол оюнунан көрүнүштөр.

тарабынан чоң көңүл бурулууда. Дал ушул эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстандын улуттук курама командасы Азия оюндары жеңүүчүсү болду (1994), жаштар жана өспүрүмдөрдүн курама командалары бир нече жолу дүйнөлүк чемпионаттарда катышып, татыктуу оюн көрсөттү. Өспүрүмдөрдүн курама командасы Азия биринчилигинде алтын жана күмүш медалдарга татыктуу болду.

Футбол оюндарын телевизор аркылуу көп көргөнсүң. Ошондуктан футболдо кандай абалдар болушун, футболчулар кандай аракеттерди жасашын жакшы билесиң (74-сүрөт). Бул билгендериң айкел жасооңдо пайда берет.

Кээ бириңер дүйнөлүк футбол жылдыздары – Пеле, Марадонна, Рональдо, Зидан, Бэкхам, Месси, өзбекстандык Бииродар Абдураимов, Геннадий Красницкий, Миржалал Касымов, Сервер Жепаров, Адыл Ахмедов сыяктуулардын сүрөттөрүн чогул-

туп жүрөсүңөр. Мына ушул сүрөттөрдөгү каармандарыңдын абалдарын эске алсаң, иштей турган композицияңдын чечимин табууң оңой болот.

Футболчунун айкелин жасоодо анын кайсы **позицияда** ойноосуна да көңүл буруу зарыл. Мисалы, дарбазачынын топко секирип жаткан, коргоочунун атаандаш чабуулчудан топту алып коюп жаткан, жарым коргоочунун атаандашты алдап өтүп жаткан, коргоочунун болсо топко сокку берип жаткан абалдарын сүрөттөө мүмкүн (75-сүрөт). Теманын вариантын тандап алганыңдан соң чопо же пластилинден футболчунун денесинин башы, колдору, буттары, денеси үчүн катыштардан келип чыгып бөлүп аласың. Алардын көрүнүшүн (формаларын) жасап алганыңдан соң дене бөлүгүнө бириктирип чыгасың.

Жасалган айкелченин кемчилдиктери жыгач же пластмасса стектер жардамында жонуу, кырып алып таштоо же жабыштырып чыгуу аркылуу түзөтүлөт.

Эгерде айкелди чоңураак өлчөмдө жасап жаткан болсоң, анын бекемдигин камсыздоо үчүн



**75-сүрөт.** Футболчунун кыймылдарынын караламалары.



**76-сүрөт.** *Шахло Юсупова*. Футболчунун айкелин жасоонун баскычтары.

зымдан каркас – тиреөч жасап аласың жана дене бөлүктөрүн ага жабыштырып чыгасың (75-сүрөт).

Футболчунун айкелин жасоодо үлгүдө берилген иллюстрациядан чыгармачыл түрдө пайдалануун мүмкүн.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Дүйнөнүн белгилүү футбол командалары жана футболчуларынан кимдерди билесиң?
2. Өзбекстандык белгилүү футболчулардан кимдерди билесиң?
3. Айкел бекем болушу үчүн эмне кылынат?

**Үйгө тапшырма:**

1. Футбол темасында пластилин же чоподон өз алдынча композиция жаса.
2. Терминдер дептерине бөлүп көрсөтүлгөн сөздөрдү жазып кел.
3. Таланттуу балдар үчүн тапшырма: эки фигурадан турган «Футболчулар» темасында айкел жасоо.

## «НООРУЗ МАЙРАМЫ» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ИШТӨӨ

Нооруз байыркы замандардан бери Чыгыш мамлекеттеринде жаз майрамы, жашаруу мезгили катары кеңири белгиленип келет. Нооруз жөнүндө элибиз көптөгөн уламыштарды жазган.

Жаз, Нооруз темасы сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында да өзгөчө орун тутат. Өзбекстан көркөм сүрөт өнөрү тарыхында Орол Тансыкбаев, Николай



**77-сүрөт.** Сүмөлөк бышыруу.

Карахан, Рахим Ахмедов, Неемат Козубаев, Абиджан Бакиров, Абдували Моминов өңдүү сүрөтчүлөрдүн эмгектеринде жаз темасы өзгөчө кооздук менен сүрөттөлгөн.

Сен иштей турган композицияда Нооруздун түркүн элементтери – эми гана чыккан майсаң чөптөр, аппак гүлдөгөн бадам, өрүк жана шабдалынын бутактары, жаз жөнүндө айланага кабар таратып жаткандай асманда учуп жүргөн чабалекейлер, ачык жайларда уюштурулган жалпы элдик майрамдар, сейилдер, энелер даярдаган сүмөлөктөр, күрөш же көкбөрү оюндары, бахшылардын, түрдүү фольклордук ансамблдердин чыгуулары темасы болушу мүмкүн. Ошондой эле, Нооруз жөнүндө ата-энебиз, чоң ата-чоң энелерибиз айтып берген уламыштардын мазмуну сенин композицияңа тема болушу мүмкүн. Албетте, Нооруздун негизги темасы – бул сүмөлөк (77-сүрөт).



**78-сүрөт.** *Исламжан Рахманов.* «Сүмөлөк» темасындагы композициянын караламасы.



**79-сүрөт.** Курдашыңдын сүрөтүнөн үлгү.

Жогоруда сага эстетилген абалдарды жакшылап иликтеп, өзүң үчүн тема танда. Негизгиси, мүмкүн болушунча өзүң көргөн, күбөсү болгон окуяларды сүрөттөөгө аракет кыл. Устатың менен келишкен түрдө композицияга «Нооруз майрамы», «Батпирек учуруу», «Сүмөлөк» темаларынан бирин тандашың мүмкүн (78–79-сүрөттөр).

Ишти адаттагыдай жеңил чиймелер менен каралама эскиз тартуудан баштайсың. Аларды жалпылаштырып, жыйынтык композиция вариантын таап алгандан соң, аны боёого киришесиң. Баштап адамдардын сүрөтү, б.а. композициянын биринчи пландагы негизги элементтерин, кийин айланадагы элементтерди баскычма-баскыч түрдө тартасың. Бул баштап адамдарды тартып болуп, кийин башкасын тартуу дегени эмес. Болгону белгилүү бир удаалаштыкта баскычтуу түрдө ишти аягына чыгарасың. Иштөө жараянында таза түстөрдөн пайдалануу, көркөм сүрөт өнөрүнүн перспектива, жарык-көлөкө,

катыштар, түстөрдүн бири-бирине өз ара таасири өңдүү эрежелерине амал кылууну унутпа.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Нооруз майрамы качан белгиленет?
2. Нооруз темасында эмгек жараткан сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
3. Ноорузда кандай иш-чаралар өткөрүлөт?
4. Жазда даярдала турган кандай тамактарды билесиң?

**Үйгө тапшырма:**

1. Ноорузга тиешелүү композицияны биринчи сабакта калемде сызып, экинчи сабакта боёп бүтүр.
2. Терминдер дептерине Нооруз сейилинде өткөрүлө турган оюн-зooктордун аттарын жана жазгы тамактардын атын жазып кой.

## 3-ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

### I. Теориялык билимиңди сынап көр.

1. Эмне себептен кыш күндөрүндө жааган кардын түсү өзгөрөт?

2. Стилизация деген эмне?

3. Белгилүү футболчулардан кимдерди билесиң?

### II. Билимиңди сынап көр.

**1. Ташкент, Самарканд, Шахрисабз шаарларындагы Амир Темурдун айкелдеринин автору ким?**

A) Рахим Ахмедов;
C) Азамат Хатамов;
B) Илхам Жаббаров;
D) Кутлуг Башаров.

**2. Китеп графикасына таандык термин кайсы жоопто туура көрсөтүлгөн?**

A) май боёк;
B) пластилин;
C) иллюстрация;
D) панно.

**3. Айкелчиликке тиешелүү терминди аныкта.**

A) кыл калем;
B) гирих;
C) пластилин;
D) оймо.

**4. «Бийдин төрөлүшү» эмгегинин автору ким?**

A) Неемат Козубаев
B) Рахим Ахмедов
C) Бахадыр Жалалов
D) Орол Тансыкбаев

## «ТООДО ЖАЗ» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ИШТӨӨ

Ачык табият койнунда натурадан кооз сүрөттөрдү тартуу сүрөтчүдөн чоң чебердикти талап кылат. Бирок, тоо-токойлорду, дарыя жана деңиздерди, талаа жана бактарды, чөлдөрдү кооз сүрөттөй ала турган сүрөтчүлөр да бар. Пейзажчы сүрөтчүлөрдүн да өз сүйгөн мезгили, күндүн абалы болот. Эл сүрөтчүсү академик Орол Тансыкбаевди Өзбекстан пейзажынын жарчысы дешет. Ал өз эмгектеринин бирин «Менин ырым» (80-сүрөт) деп аташы да аны Өзбекстандын кайталангыс табиятынын жарчысы экендигинен кабар берет. Анын «Өзбекстанда март», «Тоодо», «Тоолордо жаз» аттуу эмгектеринде журтубуздун жаз мезгилиндеги кооз табияты чоң чебердик менен сүрөттөлгөн.

Пейзажчы сүрөтчүлөрдөн Николай Карахан, Рахим Ахмедов, Неемат Козубаев (82-сүрөттөр), Анвар Мирсаатов, Абиджан Бакиров (83-сүрөт), Гафур Абдурахманов, Абдували Моминов, Янис Салпинкиди, Дилюс Имамов, Мухаммаддияр Таш-



**80-сүрөт.** *Орол Тансыкбаев*. Менин ырым.



**81-сүрөт.** *Неемат Козубаев*. Акташта жаз.

## Неемат Козубаев



Өзбекстан эл сүрөтчүсү, Өзбекстан Көркөм академиясынын академиги, «Эл-юрт хурмати» орденинин ээси. 1929-жылда Фергана шаарында төрөлгөн. 1953-жылда И.Репин атындагы Ленинград сүрөтчүлүк, айкелчилик жана архитектура институтун аяктаган. Н.Козубаев көркөм сүрөт өнөрүнүн бардык жанрларында натыйжалуу эмгектенген. Эмгектери республикабыздын жана чет эл музейлеринде сакталат. Анын «Надырабегим», «Абдулла Кадырий», «Наваий жана Султан Хусайн» өңдүү портреттери, «Жаз», «Фергана өрөөнү» сыяктуу пейзаждары, «Издөөчүлөр», «Койчулардын жанында» өңдүү турмуштук жанрдагы эмгектери Өзбекстан көркөм сүрөт өнөрүнүн баалуу үлгүлөрүнүн катарына кирет.



**82-сүрөт.** *Неемат Козубаев*. Таң.



**83-сүрөт.** *Абиджан Бакиров*. Өрүк гүлдөгөндө.



**84-сүрөт.** *Аскарали Сулайманов.* «Тоодо жаз» темасында композиция иштөөнүн баскычтары.

мурадовдордун эмгектеринде журтубуздун табияты өзгөчө сүрөттөлгөн.

Тоодо жаз темасында композиция иштөөгө киришүүдөн мурда сен эсиңдеги элестерди калыптандырууга аракеттен. Өзбекстандын көптөгөн аймактары тоолуу жайлардан турат. Айрыкча, Ташкент облусунун Бостанлык, Газалкент райондорундагы, Фергана өрөөнүндөгү, Жызак–Самарканд жолундагы, Кашкадарыя жана Сурхандарыя аймагындагы тоолуу пейзаждарды түздөн-түз өзүң көргөн болушуң мүмкүн. Жадагалса, сүрөтчүлөрдүн пейзаж жанрындагы эмгектеринде тоо пейзаждарынан сырткары телевизор аркылуу, китептердеги иллюстрациялар аркылуу көп жолу көргөнсүң. Ошол көргөндөрүңдү бирме-бир эсте. Ошондо сага композициянын варианттары үчүн тема табуу оңой болот.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Жаз темасында пейзаж эмгектерин жараткан кайсы сүрөтчүлөрдү жана алардын кандай эмгектерин билесиң?
2. Өзбекстандык кайсы сүрөтчү өзүнүн пейзаж жанрында жаратылган эмгектеринен бирин «Менин ырым» деп атаган?
3. Өзбекстандын кайсы облустарында тоолуу пейзаждарды көрүүгө болот?

**Үйгө тапшырма:**

1. «Тоодо жаз» композициясын боёп бүтүр.
2. Терминдер дептерине бөлүп жазылган сөздөрдү жазып ал.

# IV ЧЕЙРЕК

## «ЖАЗ ГҮЛДӨРҮ» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ИШТӨӨ

Жаз темасын жаңы өсүп чыккан чөптөр, адырларды килемдей каптаган кыпкызыл кызгалдактар, ачык кызыл, ак жана кызгылт-көк түстө гүлдөгөн бадам, өрүк, шабдалы жана алмалардын пейзажчы сүрөтчү тарабынан сүрөттөлгөн эмгектеринде гана эмес, ошондой эле, жаз өсүмдүктөрүнүн сүрөттөлүшү түрүндөгү натюрморт эмгектеринде да көрүү мүмкүн. Абиджан Бакировдун «Өрүк гүлү» (85-сүрөт), Лев Резниковдун «Жаз» (86-сүрөт),



**85-сүрөт.** *Абиджан Бакиров.* Өрүк гүлү.



**86-сүрөт.** *Лев Резников.* Жаз.



**87-сүрөт.** *Абиджан Бакиров*. Кызгалдактар.



**88-сүрөт.** *Артыгаалы Казаков.* Жаз гүлү настарин.

## Абиджан Бакиров



Өзбекстан эл сүрөтчүсү, 1941-жылдын 19-мартында Андижан шаарында төрөлгөн. Республикалык сүрөтчүлүк коллежин жана Ташкент театр жана сүрөтчүлүк институтун (азыркы Камалиддин Бекзат атындагы Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институту) академик Рахим Ахмедовдун устаканасында бүтүргөн. Өзбекстан көркөм сүрөт өнөрү тарыхында улуу инсандар жана замандаштарынын портреттери, лирикалык пейзаждар жана натюрморт жанрындагы эмгектери менен татыктуу орун ээлеген. Чыгыштын улуу ойчулу Беруний, эл артисти Аббас Бакировдун портреттери, «Шахимарданда күз», «Нооруз» темасындагы пейзаж жанрындагы, «Күзгү натюрморт» аттуу натюрморт жанрындагы эмгектери буга мисал болот.

Абиджан Бакировдун «Кызгалдактар» (87-сүрөт), Артыгаалы Казаковдун «Жаз гүлү настарин» аттуу натюрмортторун кунт коюп көзөтсөң, буга ынанасың.

Жазгы гүлдөр темасында натюрморт жанрындагы чыгармаларды Рахим Ахмедов, Юрий Талдыкин сыяктуу сүрөтчүлөр да жаратышкан.

Демек, жаз гүлдөрү темасындагы композицияны иштөөнүн түрдүү варианттары болушу мүмкүн экен. Анда сен натюрморт жанрын негизги жанр катары алып, жаздын илебин толугураак чагылдыруу үчүн кошумча элементтерден пайдаланышың мүмкүн. Сен иштей турган композициянын негизги элементи катары белгилүү сүрөтчүлөр тарабынан сүрөттөлгөн



**89-сүрөт.** *Равшан Асранов*. Натюрморт.



**90-сүрөт.** Жанполот Башаров. Жазгы маанай.

кызгалдактар, башка жаз гүлдөрү, өрүктүн гүлдөгөн бутагы, кошумча элемент катары терезеден көрүнүп турган табият пейзажы, гүлдөгөн дарактын бутагы болушу мүмкүн. Буларга кошумча дагы кайсы элементтерден пайдалануу мүмкүн? Бул жараянда сүрөтчүлөрдүн жаз темасындагы натюрморттору жана башка композицияларынан чыгармачыл түрдө пайдаланышың да мүмкүн (88–89-сүрөттөр).

Иштей турган композицияңдын темасын жана мазмунун жакшылап ойлоп алгандан соң, калемде композициянын бир канча баштапкы варианттарын эскиз түрүндө сызып ал. Эскиздердин ар биринен айрым элементтерди алган түрдө композициянын жыйынтык вариантын калемде даярдап ал (91–92-сүрөттөр).

Композициянын калемдеги вариантын белгилен-



**91-сүрөт.** «Жаз гүлдөрү» темасында наюрморт иштөөнүн баскычтарынан үлгүлөр.



**92-сүрөт.** «Жаз гүлдөрү» композициясын иштөөнүн баскычтары.

ген эрежелердин негизинде сызып алгандан соң, аны боёого кириш. Боёо жараянында жазды туюнтуучу түстөрдөн пайдаланууга аракет кыл. Эгерде боёону акварель боёкторунда иштеп жаткан болсоң, баштап суюгураак, ачыгыраак түстөр менен иште. Түстөрдү акырындык менен кочкулдаштырып барып

натуранын чыныгы түсүнө келтиресиң. Түстөрдү бири-бирине аралаштырып кошумча түс пайда кылууда алардын киргилт болуп кетишине жол бербе. Композицияны аралаш техникада, башкача айтканда акварель жана гуашь боёкторунда иштөө сага контраст түстөрдөн пайдаланууң үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүк берет. Композициянын айрым жайларын, мисалы, фонду кочкул түстө боёп алып, гуашь жана акварель боёгу аралашмаларынан алынган жаркын түстөрдү ошол жерге сүртсөң, түстөр контрастынын эсебинен түс жагынан кооз сүрөттөлүш пайда болот.

Композициянын негизги бөлүктөрүн, чоң аянттарды түс менен боёп алгандан соң, айрым деталдарды иштөөгө өт. Эгерде чоң аянттарды боёодо так түстөрдөн азыраак пайдаланган болсоң, деталдарды иштөө жараянында мүмкүн болушунча таза жана жаркын түстөрдөн пайдаланууга аракет кыл. Анткени, жаз гүлдөрүнүн бардыгы жаркын түстө болот.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Жаз темасында композиция жараткан кайсы сүрөтчүлөрдү жана алардын кандай эмгектерин билесиң?
2. Жаз мезгилинде Өзбекстандын табиятында кандай түстөрдү көбүрөөк кезиктирүүгө болот?

**Үйгө тапшырма:**

«Жаз гүлдөрү» композициясын боёону аяктап кой.

# КАРАПА ТАБАК ҮЧҮН ОЙМО ТАРТУУ

Өзбекстандын карапачылык өнөрү узак тарыхка ээ. Карападан илеген жасоо карапачылыктын эң кеңири таралган түрлөрүнөн бири болуп саналат. Ошондуктан карапа буюмдарды Өзбекстандын ар бир үйүндө кезиктирүү мүмкүн (93-сүрөт). Карапа илеген, кесе, чайнек, пияла же тарелкалар өз функциясына карай түрдүү форма жана өлчөмдөрдө жасалат. Ошол себептен алардын көркөм жасалгасы да ар түрдүү болот. Карапа идиштердин дагы башка түрлөрү да бар. Алар көркөм өнөр эмгеги катары имараттардын ички бөлүгүн кооздоо үчүн колдонулат. Мындай карапа буюмдарды чет элдик туристтер, көркөм өнөрдүн ышкыбоздору журтубуздан белек катары алып кетишет. Илегендердин кооз болушу үчүн алардын формасы жана түсүнөн сырткары, оймолору да суктанарлык болушу керек.

Карапа илеген үчүн оймо тартуудан мурда




**93-сүрөт.** Өзбекстан карапачылык мектептеринин эмгектеринен үлгүлөр: *а*) Харезм; *б*) Риштан; *в*) Гыждуван.

Өзбекстан карапачылык өнөрүнүн өзүнө мүнөздүү жактары жөнүндөгү билимиңди эстөөгө аракет кыл. Өзбекстандын Ташкент, Риштан, Үргүт, Гурумсарай, Хива карапачылык мектептери бар. Алар бир-биринен жасалга үчүн колдонула турган көркөм элементтери, түстөрү менен айырмаланат.

Илеген жана анын түрлөрү жөнүндөгү бил-гендериңди эстеп алгандан соң өзүң тарта турган композиция жөнүндө ойлошуң мүмкүн. Эсте тут, илеген үчүн тартыла турган оймо композициясы сен экинчи чейректе тарткан айлананын ичинде-ги оймо композициясына окшош болот. Болгону, анын элементтеринде айырма болушу мүмкүн, башкача айтканда илегендин көркөм жасалга-сында ислимий жана гриф оймолору менен бир-ге, символикалык мааниде колдонулган сүрөттөр да колдонулушу мүмкүн (94–96-сүрөттөр). Демек, ишти сүрөт дептеринин ортосуна айлана сызуу-



**94-сүрөт.** *И. Камилов. Кумган* темасы.



**95-сүрөт.** *М.Саидов.* Балык темасы.



**96-сүрөт.** Карапа табак үчүн оймо тартуунун баскычтары.

дан баштайсың. Анын диаметри 12 сантиметр болушу мүмкүн. Андан чоңу сүрөт дептериңе туура келбейт, ал эми кичинеси болсо оймону тартууда кыйынчылык жаратышы мүмкүн. Кезектеги иш айлананын ичинде баштапкы айланадан кичирээк дагы бир айлана сызуудан турат. 97-*в* сүрөттө уста карапачы дал ушундай жол туткан. Алынган чоң жана кичине айланалардын ортосундагы жолчо сымал жайга гирих усулунда, ички айлананын бетине болсо ислими оймолор берилген. 97-*а* сүрөттө болсо илегендин бети айланалар менен үч бөлүккө бөлүп алынган.




**97-сүрөт.** Карапа табак үчүн оймонун үлгүлөрү.

Айланалардын саны канча болушу жөнүндөгү суроого жооп таап алгандан соң, анын бетин тең бөлүктөргө бөлүп ал. Аны жок дегенде төрт бөлүккө бөлүш керек. Айрым окуучулар айлананы алты же сегиз бөлүккө бөлүшү да мүмкүн. Мына ушул бөлүктөрдүн бирине оймо композициясынын бир бөлүгүн сызып ал. Кийин аларды симметриялуу түрдө башка бөлүктөргө да сыз. Мында **калька** кагазынан пайдалансаң, айлананын ар бир бөлүгүндөгү оймонун бөлүктөрү бирдей чыгат. 95-б сүрөттөгү жасалгаларды кунт коюп күзөт. Уста бирдей сүрөттөрдү алты жолу кайталаган. Демек, ал аны алты тең бөлүккө бөлүп чыккан.

Карапа илеген үчүн тартыла турган оймо композициясын калемде сызып алгандан соң, ага түс берүүгө өтүшүң мүмкүн. Адатта, оймо композициялары акварель, гуашь жана **темпера** боёкторунда тартылат.

Илегенге тартылган оймого түс берүүдө чоң

жана кичине аянттарды боёнун тартиптерине амал кыл. Анда түстөрдүн түрлөрү (жылуу жана муздак түстөр) жана түстөрү (кочкул жана ачык түстөр)нүн контрасттыгынан өнүмдүү пайдаланууга аракеттен.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Карапа идиштерге тартыла турган көркөм жасалгалар бир-биринен кандай айырмаланат?
2. Чет элдик туристтер жана колдонмо көркөм өнөрдүн ышкыбоздору карапа илегендерди кандай максаттарда сатып алышат?
3. Өзбекстандын кайсы шаарларында карапачылык өнөрүнүн мектептери бар?

**Үйгө тапшырма:**

1. Биринчи сабакта илеген үчүн тартыла турган композицияны калемде сызып бүтүр. Экинчи сабактан соң боёп, аякта.
2. Терминдер дептерине бөлүп жазылган сөздөрдү жазып кел.

## «БОКСЧУ» ТЕМАСЫНДА АЙКЕЛ ЖАСОО

Сен спорттун ар башка түрлөрүнө кызыгасың. Алардын арасында, талашсыз, бокс да бар. Бокс Өзбекстан спортунун кең жайылган түрлөрүнөн бири. Анткени, Өзбекстандан дүйнөгө белгилүү боксчулар жетишип чыккан. 1974-жылда Гавана шаарында ышкыбоз боксчулардын арасында Биринчи дүйнөлүк чемпионат өткөрүлгөндө, эң жогорку орунга «Ташкент жолборсу» деп аты чыккан Өзбекстандык Руфат Рыскиев көтөрүлгөн.

Айрыкча, эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстанда спорттун бул түрү тездик менен өнүгүп жатат. Азыркы күндө олимпиада чемпиондору Мухаммадкадыр Абдуллаев, Хасанбай Досматов (98-сүрөт), Шахабиддин Заиров, Фазлиддин Гайибназаров (99-сүрөт), эки жолку дүйнө чемпиондору Аббас Атаев, Өткүрбек Хайдаров, олимпиада жана дүйнөлүк чемпионаттын күмүш медалы ээлери Бектемир Меликозуев, Шахрам Гыясовдун аттары бүткүл дүйнөгө таанылган. Профессионал боксчубуз Артур Григорьян дүйнө чемпиону катары өз курун 16 жолу ийгиликтүү коргогон. Сен телевизордо берилген репортаждар, газета жана журналдардагы фотоиллюстрациялар аркылуу алардын кыймыл аракеттерин көп жолу күзөткөнсүң.



**98-сүрөт.** Бокс боюнча Олимпиада чемпиону Хасанбай Досматов.



**99-сүрөт.** Бокс боюнча Олимпиада чемпиону Фазлиддин Гайибназаров.



**100-сүрөт.** Боксчунун кыймылдарынын караламасы.

Композиция жаратуудан мурда боксчулардын абалдары кандай болот, деген суроого жооп табууга аракеттен. Маалым болгондой, боксто эки абал күзөтүлөт. Биринчиси чабуул абалы болсо, экинчиси, коргонуу абалы болот. Ошого карап кол, бут жана дененин абалы түрдүүчө болот. 100-сүрөттө сүрөттөлгөн боксчунун түрдүү абалдарын кунт коюп күзөт. Ошондой эле, боксчунун чабуул жараянында сокку берүү усулдары да түрдүүчө болот. Мисалы, оңдон, солдон, туурадан, ылдыйдан сокку берүүгө карап, жасала турган айкелченин абалын аныктап ал. Мында сен айкелченин аракети менен бир маалда денесининин таяныч чекитин туура табышың керек болот. Антпесе жасаган айкелчең



**101-сүрөт.** «Боксчу» айкелин жасоонун баскычтары.

кудум жыгылып түшүп жаткандай көрүнүшү мүмкүн. Ошондуктан жасай турган айкелчеңдин көрүнүшүн тактап алыш үчүн калемде бир канча каралама иштеп ал. Өз ишиңди аткарууда үлгүдө келтирилген сүрөттөрдөн чыгармачыл түрдө пайдаланууга аракеттен.

Айкелченин композициясын тактап алгандан соң, тиешелүү түрдө боксчунун денесинин бөлүктөрүн бөлүп аласың. Анан 101-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, бөлүктөрдү бириктирип чыгасың.

Боксчунун денесинин кыймылына ылайык абалды түзүп алгандан соң, анын деталдарын иштөөгө өтөсүң. Мында айкелчилик аспаптары – стектерден пайдаланасың. Алар менен ашыкча жерлер кыркып алып ташталат, жетпеген жерлери толтуруп барылат. Анда сен майда деталдарга өзүнчө көңүл бурба. Мисалы, боксчунун көзү же кашы сүрөттөлүшү анчалык маанилүү эмес. Негизгиси, анын аракетинин образдуу чыгышында.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Өзбекстандык кайсы боксчулар Олимпиаданын, Дүйнөнүн жана Азиянын чемпиондору болушкан?
2. Бокс мелдештеринде боксчунун кандай аракеттерин байкоо мүмкүн?
3. Айкелчиликте боксчунун абалын туура сүрөттөө үчүн эмнелерге көңүл буруу зарыл?

**Үйгө тапшырма:**

1. Боксчунун айкелин жасап бүтүрүү.
2. Таланттуу балдарга: эки фигуралуу боксчулар айкелин жасоо.

## «ЖАРЫШ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Жарыш темасынын мааниси өтө кеңири. Алардын бардыгында мелдешүү руху болуп, түрлөрү ар башка болот. Жөн эле, балдардын көчөдө, мектеп стадионунда чуркашы, велосипедде ким биринчи деп мелдешүү да чындыгында жарыш болот. Жарыштын атайын даярдык көрүп өткөрүлө турган түрлөрү да бар. Бул жарыштар атта, спорт велосипеди (102-сүрөт), мотоцикл, жеңил автомобилдерде да өткөрүлөт. Жарыштардын эң кең таркалгандары раллилер болуп, узак жылдардан бери Париж–Дакар багытында чөлдөр аркылуу өтөт. «Формула–1» деп аталуучу жарыштар болсо ылдамдык жана атаандаштык жактан эң ылдамы болуп саналат. Ошондой эле, жарыштардын бал-




**102-сүрөт.** Веложа-рыш.

дар картинги, багги, мотокросс түрлөрү да бар. Борбордук Азия элдеринде болсо атта чабыла турган «Кыз куумай» оюну да чындыгында жарышка окшогон мелдеш. Көкбөрүдө да жарыш элементтери бар: кимдир улакты алып качат, кимдир аны кууйт. Демек, жарыш темасы кең көлөмдүү болуп, бул темада композиция жаратуу үчүн ар түркүн темаларды тандаш мүмкүн.

Жарыш темасы сүрөтчүлөр тарабынан да түрдүү варианттарда сүрөттөлгөн. Өзбекстан эл сүрөтчүлөрү Маннан



**103-сүрөт.** *Маннан Саидов*. Чабандестер.



**104-сүрөт.** *Алишер Аликулов*. Улак.

Саидовдун «Чабандестер» (103-сүрөт), Алишер Алыкуловдун «Улак» (104-сүрөт), Кутлуг Башаровдун «Өзбек улуттук оюндары» түркүмүндөгү эмгектери, казакстандык сүрөтчү Н.Акинбаевдин «Кыз куумай» (105-сүрөт) аттуу эмгектери буга айкын мисал болот. Сүрөтчүлөрдүн ишин кунт коюп күзөт. Мунун натыйжасында оюңда калыптанган идеялардын негизинде «Жарыш» темасындагы композициянын варианттарын ойлоп көр. Ал үчүн, адаттагыдай, жумшак калемде бир канча вариантта эскиз иштеп ал.

Тема эки саат окутулушун эсепке алып, композициянын мазмуну жөнүндө көбүрөөк ойло. Сен жогоруда айтып өтүлгөн спорт түрлөрүнөн бирине композиция иштешиң мүмкүн. Мында көбүрөөк кызыгууң жана элестериңе негиздел. Композиция варианттарын табууда үлгүлөрдө келтирилген иллюстрациялардан пайдаланууң мүмкүн.

Ар ким өз кызыгуусуна карай тема тандашы мүмкүн. Негизгиси, анын мазмуну жана композициясы ишенимдүү чыгышы керек. Ал үчүн эскиздер аркылуу композиция варианттарын чыгармачыл түрдө издөө жараянына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Варианттар канча көп болсо, анык бир композицияга токтолуу ошончо оңой болот.

Эскиздерден композиция вариантын сызып алгандан соң, аны боёйсуң. Композицияны сызуу жараянында иллюстрациялык материалдар, окуу китебинде берилген үлгүлөрдөн пайдалан. Ошондой эле, композициянын ар бир деталын иштегенде эстутумуң жана элесиңдеги образдардан да натыйжалуу пайдаланууга аракет кыл.



**105-сүрөт.** *Н.Акинбаев*. Кыз куумай.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Борборук Азия элдеринин жарыш элементтери бар кандай салттык мелдештерин билесиң?
2. Өзбекстандык сүрөтчүлөрдөн кимдер жарыш темасында көркөм сүрөт өнөрү эмгектерин жаратышкан?
3. Спорт мелдештеринин арасында жарыштын кандай түрлөрү бар?

**Үйгө тапшырма:**

1. Биринчи сабакта «Жарыш» темасындагы композицияны калемде сызып, экинчи сабактан кийин боёп бүтүр.
2. Таланттуу балдар үчүн композициянын башка вариантын өз алдынча иштөө.

## 4-ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

### Билимиңди сынап көр.

**1. Кызгалдактар темасында кайсы өзбек сүрөтчүлөрү натюрморт тартышкан?**

A) Евгений Мельников, Абиджан Бакиров;
B) Орол Тансыкбаев, Николай Карахан;
C) Жавлан Умарбеков, Бахадыр Жалалов;
D) Мухаммад Нуриддинов, Алишер Аликулов.

**2. Кайсы жоопто «Жарыш» темасында живопись эмгегин жараткан өзбек сүрөтчүсү берилген?**

A) Акмал Икрамжанов;
B) Абдували Моминов;
C) Янис Салпинкиди;
D) Маннан Саидов.

**3. Кайсы катарда Өзбекстан көркөм кол өнөрчүлүгүнүн карапачылык түрү өнүккөн борборлор көрсөтүлгөн?**

A) Ташкент, Гүлистан, Маргылан;

B) Жызак, Каршы, Наманган;
C) Үргөнч, Кокон, Термез;
D) Риштан, Үргүт, Ташкент.

## «КАРЫШКЫР МЕНЕН ТУРНА» ТАМСИЛИНЕ ИЛЛЮСТРАЦИЯ ИШТӨӨ

Өтүлгөн сабактардан сен жомоктор кандай максатта токулушу, эмне себептен аларды чоңдор кичинелерге айтып беришин түшүнгөн болсоң керек. Жомоктор, чындыгында, адамдарды жакшылыкка, изгиликке үндөөчү каражат. Адамдарды жомоктордой жакшылыкка чакыруучу дагы бир каражат бар. Бул тамсилдер. Анда жаныбарлар кудум адамдардай сүйлөйт. Турмушта чындыгында бир-бири менен эч кандай мамиледе болбой турган жаныбарлар тамсилчинин тажрыйбасы менен тилге киришет, бир-бириникине конокко барышат. Айрыкча, орус тамсилчиси Иван Крыловдун тамсилдерине белгилүү сүрөтчүлөр тарабынан кооз сүрөттөр сызылган. 106-сүрөттө анын «Квартет» деп аталган тамсилине Валентин Серов тарабынан сызылган иллюстрацияга көңүл бур. Андагы «музыканттар» – аюу, эшек, эчки жана маймыл кудум уста музыканттардай өзүнө мүнөздүү образда сүрөттөлгөн. Сүрөтчү И.Семёновдун «Карышкыр менен турна» тамсилине тартылган иллюстрациясында башкача композиция тандалган (107-сүрөт). Бир аталыштагы чыгармага түрдүүчө варианттарда



**106-сүрөт.** *Валентин Серов*. «Квартет» тамсилине иштелген иллюстрация.



**107-сүрөт.** *И.Семёнов*. «Карышкыр менен турна» тамсилине иштелген иллюстрация.

иллюстрация иштесе болот. Анда жаныбарларды кудум адамдар сыяктуу тартуу мүмкүн. Негизгиси, тамсилчилер жаныбарлардын образдары аркылуу адамдарды жакшылыкка чакыра турганын эсте тут.

«Карышкыр менен турна» тамсилинин мазмуну да үлгүлүү. Анда өзүнүн ач көздүгү себеп тамагына сөөк тыгылып, дем алууга күчү калбаган карышкырдын тамагындагы сөөктү турна өзүнүн узун тумшугу менен сууруп алып жаткан абалы эң таасирлүү абалы болсо керек. Ошондуктан да сүрөтчү тамсилдин ушул учурун сүрөттөгөн. Сен да тамсилдин мазмунунан келип чыккан түрдө композициянын бир канча баштапкы варианттарын эскиз түрүндө иштеп көр. Алардан эң



**108-сүрөт.** *Б.Попов*. «Түлкү менен жүзүм» тамсилине иштелген иллюстрация.



**109-сүрөт.** *И.Семёнов*. «Ийнелик менен кумурска» тамсилине иштелген иллюстрация.

ылайыктуусун түрдүү түстөрдө боё. Композиция вариантын табууда «Түлкү менен жүзүм» (108-сүрөт), «Ийнелик менен кумурска» (109-сүрөт) өңдүү тамсилдерге иштелген иллюстрация варианттарынан да чыгармачыл түрдө пайдаланышың мүмкүн. Ошондой эле, устатың менен кеңешкен түрдө өзүңө жаккан башка тамсилди да тандашың мүмкүн.

Сүрөт тартуу жараянында максат сүрөттөө тажрыйбаңды гана ашыруу эмес, тамсилдин мазмунунан келип чыгып, өз жашооңдо андан үлгү катары пайдаланууга да аракет кыл.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Түрдүү темалардагы кандай тамсилдерди жана аларга иллюстрация иштеген кайсы сүрөтчүлөрдү билесиң?
2. Өзүң билген тамсилдерден биринин мазмунун айтып бер.
3. «Карышкыр менен турна» тамсилине иштеген иллюстрацияңды түшүндүрүп бер.

**Үйгө тапшырма:**

1. Жыл бою аткарылган иштерди карап чыгып, эң жакшыларын жыйынтыктоочу сабакка алып кел.
2. Терминдер дептерине бөлүп жазылган сөздөрдөн турган жана окуу жылы бою топтолгон терминдердин сөздүгүн иретке келтир.

## ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ САБАК. КӨРГӨЗМӨ-МАЕК

Ардактуу окуучулар! Сен жыл бою көркөм сүрөт өнөрүнүн живопись, графика жана айкелчилик түрлөрүндө чыгармачыл иштерди аткардың. Ошондой эле, колдонмо өнөрдүн оймочулук түрү боюнча түрдүү фигуралардагы композицияларды жараттың. Бүгүнкү сабакта аларды жыйынтыктайбыз. Сабакта устатың тарабынан жыл бою аткарган иштериң боюнча билдирген пикирлерин кунт коюп ук. Андан кимдер көркөм сүрөт өнөрү сабагы боюнча кандай ийгиликтерге жетишкенин билип аласың. Албетте, кимдир бул багытта көбүрөөк иштеп, жак-

шы натыйжаларга жетишкен. Сен да кийинки окуу жылында аларга теңелүүгө аракеттен. Жакшы натыйжаларга жетишкендер болсо классташтарына көмөктөшүүсү, алардын да өзүнө окшош чыгармачыл инсан болуп жетишүүлөрү үчүн жардам бериши керек.

Кезектеги тапшырма: жыл бою жасаган эң жакшы иштериңди классташтарыңа түшүндүрүп бер. Ошондой эле, классташтарыңдын эң жакшы иштерин биргелешип түшүндүргүлө. Бул иш-чарага мектеп жетекчилери, класс жетекчиң жана ата-энеңди да чакырсаң, жыйынтыктоочу сабак өзгөчө, майрамдай өтөт. Классташтарың жана устатың менен кеңешип, өзүңөрдүн жыл бою аткарган эң жакшы иштериңерди мектептин фоесинде, коридору же класстын өзүндө көргөзмө уюштургула. Муну менен өз ишиңердин натыйжасын көрсөтүп, дилиңерде өзүңөр жасаган иштен сыймыктануу сезими пайда болуп, башкалардын да сулуулук ааламына кызыгуусуна салым кошосуңар.

Окуу жылы аяктады. Көркөм сүрөт өнөрү – бул дайыма иштөө үчүн тема табыла турган тармак. Жай темасы да сүрөтчүлөр үчүн кызыктуу болгондуктан каникул маалында да көркөм сүрөт өнөрү менен өз алдынча алектенүүнү унутпа.

# КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮНӨ ТИЕШЕЛҮҮ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Каркас** (италянча «carcacce» – негиз) – чопо, пластилин өңдүү жумшак материалдан айкел жасалып жатканда жыгач же зымдан даярдалган таянычы, негизи.

**Колорит** (италянча «colorito», латынча «color» – түс) – живопись жана оймочулук эмгектеринде басымдуу түрдө колдонула турган негизги түс.

**Композиция** (латынча «compositio» – түзүү, колдонуу) – сүрөттөлүштүн деталдарын белгилүү бир ойдун негизинде бир-бирине бириктирүү, жайгаштыруу аркылуу көркөм чыгарма жаратуу.

**Контраст түстөр** – түстүн түрү жана каныккандыгына карай бир-биринен кескин айырмалануучу түстөр: ак – кара; көк – сары.

**Түстөрдүн гаммасы** – сүрөт жана колдонмо өнөрдө көркөм чыгарма жаратууда түстөрдүн колдонулушундагы удаалаштыктын тартиби, системасы.

**Реалисттик усул** – сүрөттөлүштү көркөм сүрөт өнөрү мыйзамдарынын негизинде реалдуу (чындап) сүрөттөө усулу.

**Рельеф** – айкелчиликтин түрү, бетке салыштырмалуу томпок сүрөттөлүш.

**Рефлекс** – кандайдыр бир буюмга нурдун (жарык) түшүүшү натыйжасында анын түсү башка буюмдун бетинде чагылышы.

**Сюжет** – көркөм сүрөт өнөрү эмгегинин темасын (мазмунун) белгилеп берүүчү окуянын сүрөттөлүшү (баяны).

**Эпизод** – көркөм чыгарманын белгилүү бөлүгү. Мисалы, адабий чыгарманын иллюстрация иштөө үчүн тандап алына турган бөлүгү.

**Этюд** – кандайдыр бир объект (табият көрүнүшү, портрет), буюм (натюрморт), натура (портрет) же тематикалык композиция үчүн түрдүү графикалык материалдарда түздөн түз натурадан тартылган каралама, түстүү боёктордо кыска мөөнөттө иштелген түстүү тасма.

# МАЗМУНУ


Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү жана жанрлары . . . . . . . 3
«Коон жана анар» темасында натюрморт тартуу . . . . . 12
«Коон сейилинде» темасында композиция тартуу . . . . 18
«Бийчи» айкелин жасоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21
«Күзгү гүлдөр» темасында сүрөт тартуу . . . . . . . . . . . 24
«Куштар» темасында сүрөт тартуу . . . . . . . . . . . . . . . 28
Туура төрт бурчтук түрүндө оймо тартуу . . . . . . . . . . . . 31
«Өзбекстандын архитектуралык эстеликтери»
деген темада маек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35
«Коноктор архитектуралык эстеликтердин
жанында» темасында композиция иштөө . . . . . . . . . . . 38
«Койчу бала» темасында айкел жасоо . . . . . . . . . . . . . 40
Квадрат түрүндө оймо тартуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
«Спорт оюндары» темасында композиция иштөө . . . . . . . 48
«Кыш келди» темасында сүрөт тартуу . . . . . . . . . . . . . 52
Тегерек формада оймо сызуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 55
«Себет көтөргөн кыз» темасында композиция
иштөө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 57
«Төө менен тайлак» темасында айкел жасоо . . . . . . . . . 61
«Ур, токмок» жомогунун негизинде
иллюстрация иштөө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 66
«Футболчу» темасында айкел жасоо . . . . . . . . . . . . . 72
«Нооруз майрамы» темасында композиция иштөө . . . 76
«Тоодо жаз» темасында композиция иштөө . . . . . . . . . . 80
«Жаз гүлдөрү» темасында композиция иштөө . . . . . . . . . 85
Карапа табак үчүн оймо тартуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 91
«Боксчу» темасында айкел жасоо . . . . . . . . . . . . . . . . 95
«Жарыш» темасында сүрөт тартуу . . . . . . . . . . . . . . . . 99
«Карышкыр менен турна» тамсилине
иллюстрация иштөө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 104
Жыйынтыктоочу сабак. Көргөзмө-маек . . . . . . . . . . . . . 107
Көркөм сүрөт өнөрүнө тиешелүү терминдердин
түшүндүрмөсү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .109

O‘quv nashri

Asqarali SULAYMONOV, Islomjon RAHMONOV,
Zilola SULAYMONOVA

# TASVIRIY SAN’AT

Umumiy o’rta ta’lim maktablarining
4-sinfi uchun darslik

*Ikkinchi nashr*

(Qirg‘iz tilida)

«SHARQ» басма-полиграфиялык
акционердик компаниясынын
Башкы редакциясы
Ташкент – 2017

**Басманын лицензиясы AI № 201, 28.08.2011-ж.**

Которгон *Айнура Зулпихарова*
*Редактору Гайрат Токтобаев*
Көркөм редактору *Феруза Башарова*
Беттөөчү *Мастура Атхамова*
Техникалык редактору *Раъно Бобохонова*

Басууга 05.08.2017-жыл уруксат берилди. Форматы 70x90 $^1/_{16}$. «Arial» гарнитурасы. Офсеттик ыкмада басылды. Офсеттик кагаз. Шарттуу басма табагы 8,19. Эсеп басма табагы 9,12.
Тиражы 722 нуска. Буюртма № 4737.

**«SHARQ» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын басмаканасы, 100000, Ташкент ш., Буюк Турон көчөсү, 41-үй.**

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөткөн жадыбал

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчи-синин колу | Окуу китебинин тапшыр-гандагы абалы | Класс жетекчи-синин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү критерийлердин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин алгачкы жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизи бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, көчпөгөн, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттан-дырарлуу | Мукабасы эзилген, кыйла чийилип, четтери тытылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыраган абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Ажыраган барактары кайра ремонттолгон, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттан-дырарлуу эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарсыз ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетиштүү эмес, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

O‘quv nashri

Asqarali SULAYMONOV, Islomjon RAHMONOV,
Zilola SULAYMONOVA

# TASVIRIY SAN’AT

Umumiy o’rta ta’lim maktablarining
4-sinfi uchun darslik

*Ikkinchi nashr*

(Qirg‘iz tilida)

«SHARQ» басма-полиграфиялык
акционердик компаниясынын
Башкы редакциясы
Ташкент – 2017

**Басманын лицензиясы AI № 201, 28.08.2011-ж.**

Которгон *Айнура Зулпихарова*
Редактору *Гайрат Токтобаев*
Көркөм редактору *Феруза Башарова*
Беттөөчү *Мастура Атхамова*
Техникалык редактору *Раъно Бобохонова*

Басууга 05.08.2017-жыл уруксат берилди. Форматы 70x90$^{1}/_{16}$. «Arial» гарнитурасы. Офсеттик ыкмада басылды. Офсеттик кагаз. Шарттуу басма табагы 8,19. Эсеп басма табагы 9,12.
Тиражы 106 нуска. Буюртма № 4737-А

**«SHARQ» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын басмаканасы, 100000, Ташкент ш., Буюк Турон көчөсү, 41-үй.**